**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КР УИАнын Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Д. 10.11.029 Диссертациялык кеңеш**

Кол жазма укугунда
**УДК: 80: 894.341:894.341-31**

**КЕЛДИБАЙ КЫЗЫ МАЙРАМКАН**

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН РОМАНДАРЫ: КОНФЛИКТ, МҮНӨЗ МАСЕЛЕЛЕРИ

10.01.01 - кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2013**

Диссертациялык иш К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Үкүбаева Лайли**

**Расмий оппоненттер**: филология илимдеринин доктору
**Бакашова Жылдыз Кемеловна**

филология илимдеринин кандидаты
**Шамшиев Бекташ**

**Жетектөөчү мекеме**: Ош мамлекеттик университети,
Кыргыз адабияты кафедрасы,
Ош шаары, Ленин көч., 331

Диссертациялык иш 2013-жылдын 26-апрелинде саат 13:00 дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.11.029 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот, дареги: Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547.

Автореферат 2013-жылдын «26» - мартында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты, доцент Кадырмамбетова А.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Ч. Айтматовдун кыргыз адабияты эле эмес, дүйнөлүк адабияттагы орду өзгөчө. Анткени, анын чыгармалары адам жашоосунун төрт тарабына төп келген терең философиясы, гуманизмге сугарылган көркөм идеясы, анан да эң негизгиси бийик адабий талаптарга жооп берерлик көркөм чеберчиликте жазылышы аркылуу башкалардан айырмаланып турат. Жазуучунун ар бир чыгармасы ыймандык-интеллектуалдык жүктү аркалап, окурманды руханий жактан байытып, өзүнө багындырып келет. Анын чыгармаларында муундар ортосунда ажырагыс байланыш көрсөтүлүп, адамдын жашоо-турмушунун улуулугу даңазаланат. Ч.Айтматов «… Адамзат качан чечет, качан коёт? Канткенде адам уулу Адам болот?...» деген түбөлүк суроону алдына коюп, адам рухунун улуулугун, түбөлүктүүлүгүн даңазалап, адамдарды күн сайын адам болууга тынымсыз чакырып өттү. Ал өзүнүн романдарында адамдардын жөнөкөй гана өтүп жаткан турмушун көркөм сүрөттөө аркылуу адамзаттын келечегин, умтулган бийиктигин көрөгөчтүк, кыраакылык менен сезип туя алды.

Кыргыз адабият таануу илиминин пайда болуп, калыптануу мезгили өткөн кылымдын 40-50-жылдарына туура келет. Андан берки убакытта кыргыз адабият таануу илими көптөгөн ийгиликтерди багындыргандыгына карабастан, кээ бир маселелерди изилдөө боюнча кыйла артта калып келатканы деле белгилүү. Алардын бири – адабияттагы конфликт, мүнөз маселеси. Албетте, аталган маселе бир топ илимий-теориялык, эмгектерде каралып, анын маани-мазмуну сыпатталган. Бирок аталган түшүнүктөрдүн ички табиятын, көркөм чыгармадагы ордун, турмуштук конфликт менен көркөм конфликттин окшоштугун, айырмачылыгын теориялык жактан терең изилдөөгө алуу бүгүн деле өз деңгээлинде эмес. Ошондуктан теманын актуалдуулугу биринчиден, жогоруда белгиленгендей, кыргыз адабият таануу илиминде алиге чейин тиешелүү деңгээлде изилдене элек конфликт, мүнөз маселелеринин теориялык жагдайларын конкрет иликтөө менен шартталса, экинчиден, Ч. Айтматовдун романдарында бул маселе кандай чеберчиликте ишке ашырылгандыгын концептуалдуу талдоо маселеси алигиче колго алынбай келгендиги менен белгиленет. Албетте, Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы буга чейин ар тараптан, ар кыл деңгээлде, ар кандай аспектен иликтенип келгендиги белгилүү. Улуттук жана дүйнөлүк адабият таануу илиминде адабиятчылар Б. Ашымбаев, К.Асаналиев, К. Бобулов, Г. Гачев, А. Садыков, Т.Аскаров, Ч.Жолдошова, А.Эркебаев, М.А.Рудов, А. Акматалиев, Л. Үкүбаева, И.Лайлиева, О. Ибраимов, К. Ибраимов, Ж.Бакашова, А.Муратов, В. Коркин, П. Глинкин жана Л.Т. Строилов, Ж. Рыскулова, А.Сарыгүл ж.б. эмгектери аталган тема кайсы бир деңгээлде камтылгандыгын далилдеп турат. Анткен менен Ч.Айтматовдун кийинки мезгилдерде жазылган романдарындагы конфликт, мүнөз маселелери өзүнчө терең талдоого муктаж. Анткени, ал романдардын сюжеттик-композициялык курулушу кыйла татаал, коомдук-тарыхый өзгөрүүлөрдөн улам каармандары туш келген кырдаалдар да жаңы, мурдагы чыгармаларына салыштырганда коомдук-саясий жагдайлар да өзгөрдү, татаалдашты. Демек, конфликттердин мүнөзү өзгөрүлүп, аларды жаңыланган коомдук-идеологиялык жана көркөм-эстетикалык көз караштын призмасынан кароо зарылдыгы келип чыкты.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар менен болгон байланышы.** Илимий иштин темасы К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргыз адабияты кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты буга чейин кыргыз адабият таануу илиминде терең изилденбей келген көркөм конфликт жана мүнөздүн теориялык маселелерин ачып жана конфликт, мүнөз маселеси Ч. Айтматовдун романдарында кандай чеберчиликте ишке ашкандыгын талдоого алууга багытталган. Бул максаттарды иш жүзүнө ашырууда төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

- конфликттин ички табиятын жана чыгарманын сюжетинин өнүгүшүндөгү рол теориялык маселелерин тактоо;

- конфликттин көркөм чыгармадагы маанисин, функциясын ачып көрсөтүү;

- көркөм конфликт менен турмуштук конфликттин өз ара окшоштугун, айырмачылыгын тактоо;

- Ч.Айтматовдун романдарында чагылдырылган конфликтти салыштырмалуу классификациялоо;

- жазуучунун «Кылым карытар бир күн» романындагы нравалык-психологиялык конфликттерди жана мүнөз түзүү чеберчилигин талдоого алуу;

- «Кыямат» романындагы типтүү кырдаал, типтүү мүнөз маселесин иликтөө;

- «Кассандра тамгасы» романындагы коомдук-философиялык конфликттерди бүгүнкү күндүн маселелери менен айкалышта кароо;

- «Тоолор кулаганда» («Кыз кайып») романындагы социалдык, психологиялык конфликттерди жана жазуучунун мүнөз ачуу чеберчилигин изилдөө

- аталган маселелер боюнча илимий көз караш, бүтүм-жыйынтыктарыбызды жарыя кылуу.

**Изилдөөнүн жаңычылыгы**. Диссертациялык изилдөөдө биринчи ирет көркөм конфликттин ички табияты, эстетикалык мааниси, алардын буга чейинки изилдениш тарыхы жөнүндө кеңири кабар берилип, конфликт жана мүнөз категориялары илимий-теориялык жактан такталып, толукталды. Экинчиден, Ч. Айтматовдун романдарындагы конфликт, мүнөз маселелери концептуалдуу иликтенип, диссертацияда биринчи ирет Ч.Айтматовдун романдарындагы конфликттин орду, анын көркөм-эстетикалык табияты ич ара ажырымдалып, (романдарда чагылдырылган конфликттин мүнөзүнө жараша нрава-психологиялык, драмалык, типтүү, нрава-философиялык, социалдык конфликт деп өз алдынча бөлүнүп каралды) мүнөз ачуудагы жазуучунун чеберчилигине адабий анализ романдардын мисалында изилдөөгө алынды.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын адабият жаатындагы изилдөөчүлөр, аспиранттар илимий изилдөө иштерине теориялык жактан көмөкчү материал катары пайдалана алышат. Ошондой эле ЖОЖдордун, атайын орто окуу жайларынын студенттери, окутуучулары, мектептин мугалимдери, жогорку класстын окуучулары үчүн илимий-методикалык колдонмо катары пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

- Көркөм конфликт чыгармада сюжеттин динамикалуу өнүгүшүн жана мүнөздөрдүн таамай ачылып берилишин камсыздайт.

- Эң биринчи кырдаал пайда болуп, коллизияга өтүп, анан конфликтке айланат. Көркөм конфликт турмуштук конфликттердин негизинде жаралат, бирок, анын көчүрмөсү эмес.

- Ч. Айтматов жалаң улуттук эмес, дүйнөлүк белгилүү жазуучу катарында учурдун күрөө тамырынын согушун сезе билип, романдарында адамзаттык проблемаларды козгоп, жогорку көркөм-эстетикалык деңгээлде ишке ашырат.

- Ч.Айтматовдун улам кийинки романдарында жазуучулук ой-чабытынын бийиктегендигин, сюжетинин масштабынын кеңейгендигин, коомдук-тарыхый өзгөрүүлөрдөн улам чыгармаларындагы каармандар туш болгон кырдаалдар, конфликттердин табияты да өзгөрүп, татаалдашкандыгын, ар кайсы романында конфликттердин ар кайсы түрү кездешерин байкоого болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.**

- Кыргыз адабият таануу илиминде конфликт, мүнөз категориялары биринчи жолу концептуалдуу, системалуу түрдө изилдөөгө алынып, теориялык жактан толукталып, такталды. Көркөм конфликттин ички табиятына, изилдениш тарыхына, турмуштук конфликттер менен болгон карым-катышына, жалпылык, айырмачылыгына, кырдаал, коллизия терминдерине тактоолор киргизилди.

- Ч. Айтматовдун романдарындагы конфликттердин мүнөзү классификацияла жазуучунун конфликт, мүнөз түзүү чеберчилиги изилдөөгө алынып, романдарына терең талдоо жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн апробациясы**. Диссертация БГУнун кыргыз адабияты кафедрасында иштелип чыкты. Иштин негизги мазмуну республикалык басма сөз беттеринде, Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан чектелген басылмаларда - «БГУнун жарчысы», «Кыргыз тили жана адабияты» журналдарында жарыяланды. Мындан сырткары илимий конференцияларда, симпозиумдарда окулган докладдарда чагылдырылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Иштин мазмунуна байланыштуу КР Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган басылмаларда 9 илимий макала жарык көрдү.

**Иштин структурасы**. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН МАЗМУНУ

**Киришүүдө** иш боюнча жалпы мүнөздөмө берилип, теманын актуалдуулугу, жаңычылдыгы, изилдөөнүн максат, милдеттери аныкталып, эмгектин илимий-практикалык мааниси белгиленет.

Биринчи глава **«Конфликт жана анын көркөм чыгармадагы орду»** деп аталып, ал эки параграфка бөлүштүрүлгөн.

Биринчи параграф **«Көркөм конфликттин табияты жөнүндө жалпы түшүнүк»** деп аталып, алгач конфликт termininин буга чейинки илимий адабияттарда ар кандай аталып жүргөндүгү тууралуу сөз болуп, анын көркөм чыгарманын сюжетинин өнүгүшүндөгү ролуна басым коюлуу менен кырдаал, коллизия, конфликт түшүнүктөрүнүн маани-мазмуну каралат.

Жашоо карама-каршылыксыз алга жылбаган сыяктуу эле көркөм чыгарманын сюжети да конфликтсиз өнүкпөй тургандыгы - талашсыз акыйкаттардын бири. Бул маселе жөнүндө адабиятчы В.Бубнис: «Курч конфликтсиз, катышып аткан каармандардын татаал мүнөздөрүсүз адабий чыгарма үстүрт, иллюстративдүү болуп калат» [Бубнис В. Какие темы не забываются // Вопросы литературы. - 1976. - №5. – с.105], - деп белгилегендей, чыгармада конфликт жандуу курч чыкпаса, автордун алдына койгон максаты толук ишке ашпай калышы мүмкүн. Чыгармада конфликттин курч берилиши мүнөздөрдүн ачылышына, сюжеттин динамикалуу өнүгүшүнө шарт түзөт

Конфликт, коллизия – бул көркөм чыгарманын нерви, персонаждардын бардык тышкы жана ички кыймыл-аракетинин түйүнү болуп, анын сюжети менен тыгыз байланышта, андагы ар бир элемент менен кошо башталып, өнүгүп, чиеленип, чечилип жүрүп олтурат. Көркөм конфликттин ички табиятына тереңден үңүлүп карай турган болсок, ал бир кыйла татаал жана көп кырдуу категориялардан экенин көрөбүз.

Турмуштагы карама-каршылыктар, пикир келишпестиктер жана алардын көркөм чыгармада чагылдырылышы конфликтти түзөт деп түшүнүү - бул абдан эле үстүрт ой жүгүртүү болуп калары анык. Андыктан «конфликт» деген терминге илимий негизде так, терең аныктама берүү жана аны ар тараптуу изилдеп чыгуу абзел.

Адабият таануу илиминде бул термин ар кандай аталыштарга ээ: «көркөм конфликт», «адабий конфликт», «драмалык конфликт», «эстетикалык конфликт». Диссертацияда көп учурларда бул терминдер маанилеш түшүнүктөр катарында колдонулуп келгендигине кеңири токтолдук. Алардын ар биринин табиятын иликтеп келип, адабияттаануу илиминде «көркөм конфликт» терминин колдонуу туура деген жыйынтыкка келдик.

Адабиятчы А.Г.Погрибный өзүнүн изилдөөсүндө [Погрибный А.Г. Художественный конфликт и развитие современной советской прозы. – Киев.: Виша школа, 1981] көркөм конфликтти илимий-теориялык жактан ар тараптуу изилдөөгө алган да конфликттин төмөнкүдөй алты жагдай-шартка кез келерин белгилейт. Алар мына булар: м**оделдөөчү,**

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**проблемалык-тематикалык, сюжеттик-окуялык, конструктивдүү-технологиялык, образдык-структуралык, процессуалдык-чыгармачылык.**

Көркөм конфликт – турмуштук конфликттерди чагылдыруунун формасы. «Көркөм конфликт – «чындыктагы белгилүү бир процесстердин продуктусу», «чагылдырылып жаткан дүйнөнүн (нерселер, адамдар) аналогу (окшоштугу)», жана анын «модели» - деп белгилейт К. Г. Шаззо [Шаззо К.Г. Художественный конфликт и эволюция жанров адыгских литературах. – Тбилиси, 1978. – с.8]. Тактап айтканда, жазуучу турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландырууда конфликтти **модель** катары пайдаланат.

Айрым изилдөөчүлөр көркөм конфликтти баарынан мурда чыгарманын идеялык-тематикалык багытына жана жазуучунун өз концепциясын ишке ашыруусуна байланыштырышат. Гегелдин эмгектеринде да сүрөттөлүп жаткан кырдаал, карама-каршылыктар, б.а., конфликт чыгарманын тематикасына, андагы көтөрүлгөн проблемаларга көз каранды экендиги жөнүндө айтылат.

Адабиятчы Е.Горбунованын эмгегинде проблемалык-тематикалык конфликт жөнүндө кеңири сөз болот. Ал «конфликт – чыгармадагы жалпы идеялардын ачылышы, чыгарманын идеялык-эстетикалык негизи, сүрөткердин чындыкка болгон мамилесин, анын концепциясын көрсөтүүчү каражат», - деп ырастайт [Горбунова Е.Н. Идеи, конфликт, характеры. – М.: Советский писатель, 1960].

Сюжеттин турмуштук, коомдук конфликттердин негизинде келип чыгарын айткан кезде, аны эч убакта ошол конфликттердин түздөн түз көчүрмөсү катары кароого болбойт. Анткени, тигил же бул конфликттин өзү ар түрдүү сюжеттер, ар башка көрүнүштөр аркылуу ачылышы мүмкүн. Мына ушул маселеде, т.а., сюжеттин өзүн түзүүдө жазуучунун көркөм чеберчилиги эң чоң мааниге ээ болот. Жазуучу сүрөттөп көрсөтмөк болуп жаткан турмуштук конфликттин чыгыш себептери, мүнөзү жана өсүш жолдорун ачык даана ачып, ал бардык жагынан окурманды кызыктырып, ар бир элементинин маңызын билүү үчүн окурманды ойлонто алса гана сюжет өзүнүн милдетин толук аткара алат жана ал конфликте чечилет.

Конфликттин инерциясы сюжеттин өнүгүшүнөн билинет, сюжет менен конфликттин өнүгүш чекиттери (мисалы, кульминация) окшош.

Диссертацияда "конфликт", "коллизия" жана "кырдаал" терминдеринин кандай колдонулуп келатканына баам ташталып, бул маселелерге карата ар түрдүү илимий көз караштар интерпретацияланды. Бул багытта окумуштуу В. Озеровдун аныктамасында, "абдан курч конфликттерди чагылдырган көркөм коллизиялар бар" [Движение жизни и литература: сб.тр. - М., 1978. - с.270] деген пикиринде кандайдыр бир көңүл буруга арзый турган негиз бар экендигин белгиледик. Акырында, В.Фащенконун [Фащенко В.В. Характер и ситуация. – М., Советский писатель, 1982], эмгегинде "коллизия" жана "конфликт" терминдерин синоним катары пайдаланганын, сынчынын "кырдаал" терминине да токтолуп, кырдаалдын классификациясы, чыгарманын микрокырдаалдарынын жана анын макрокырдаалдарынын айырмачылыгы белгилендиги жөнүндө сөз болду.

Адабият жана искусство чыгармасында **к ы р д а а л** – *көркөм чыгарманын коллизиясы өөрчүй турган (ал эми анын аркасында – конфликт) жагдайлардын, шарттардын, позициялардын, абалдын калемгер тарабынан жаралган бүтүндүгү.*

Коллизия – "кайгыруу драматизминин" берилиши, ал эми конфликт – "жеңип өтүүнүн драматизми", "коллизиянын чечилиши" (М. Суркин) [Суркин М.С. Конфликт в драматургии: автореф. дисс. канд. филол. наук. – М., 1965. – с.13]. Коллизия – "конфликттин себеби, умтулуулардагы карама–каршылык", конфликт – "карама–каршы умтулуулардын кагылышы" [Серотвинский С. Словарь литературных терминов. - Харьков, 1970. - с. 147, 154]. Конфликт – курчугандыктын даражасы, коллизиянын өөрчүшү (С. Владимиров) [66]. Г. Нефагинанын эмгегинде конфликт – чыгарманын сырттан аракеттенген күчтөрүнүн чагылдырылышы, а коллизия – ички, психологиялык аракеттердин жыйындысы [Нефагина Г.Л. Конфликт и характер в драматической повести // Вести Беларус. ун-та. Серия 4. Филология. - 1978. - №1] катары сыпатталат.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Конфликт окуянын жогорку чекитке жетип, кызыгандан кызып аткан кезде и болбойт. Аны кырдаалдан өөрчүгөн белгилүү бир коллизиялар шарттап, даярдайт, “серпилтет”.

***К о л л и з и я*** *– бул кырдаалдан өөрчүгөн жана чыгарманын аракетинде жүргөн карама-каршылыктуу идеялардын, мүнөздөрдүн, окуялардын, көз караштардын, сезимдердин көркөм берилиши*

Коллизия – карама-каршылыктуу өнүгүү, каршылык көрсөтүү, ошол эле мезгилде конфликт – чыңалуунун чокусу, чегине жеткен чыңалуу, күрөш. Коллизия менен конфликтке ушундай мүнөздөмө берсе болот. Конфликт түздөн–түз кагылышуулар, карама-каршылыктар, аларды шарттап турган курч мамиле-катыштар, коркунуч менен коопсуздук эриш-аркак баяндалат. Жогоруда козголгон маселелерди жыйынтыктай отуруп, мындай бүтүм чыгарууга болот: коллизия конфликтти даярдайт, аны аныктайт ж.б. Коллизия – конфликттин жүрүшүнүн эң маанилүү формасы. Ар бир коллизия жекече алганда конфликттик курчтукка ээ болууга сөзсүз милдеттүү эмес, антсе да прозалык чыгарманын конфликтин тигил же бул коллизиянын ишке ашышы же ашпашы аркылуу сыпатташ кыйын. Коллизиялар конфликтти ачыкка чыгарат, аны жайылтат, автордук максаттын ишке ашырылышына көмөк көрсөтүшөт. Коллизиялар – конфликттин “иш органдары”, бирок алар ошол эле учурда – конфликттин эле өзү.

***К ө р к ө м к о н ф л и к т*** *– бул коллизияларда көрүнгөн идеялык–образдык структуранын көп катмарлуу компоненти, ал идеялардын, мүнөздөрдүн, окуялардын, көз караштардын, сезимдердин көркөм чагылдыруусу болуу менен, чыгарманын стилдик өнүгүшүндө ишке ашат.*

Ал эми кыргыз адабият таануусунда К. Асаналиевдин конфликтке берген төмөнкүдөй аныктамасы азыр да маанисин жогото элек: “Персонаждардын ортосунда келишпес карама-каршылык акыры жүрүп отуруп, алардын түздөн-түз кагылышына алып келет. Көркөм чыгармада сүрөттөлгөн персонаждардын мындай бетме-бет кагылышы к о н ф л и к т деп аталат [Асаналиев К., Кыдырбаева З. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. – Бишкек, 2004. - 233-б.]. К.Асаналиевдин пикиринде конфликт баарынан мурда, жазуучунун чыгармачылык позициясына, турмуштук окуяларга карата болгон көз карашына жараша ар түрдүү болот. Конфликт социалдык-коомдук мүнөздө болушу мүмкүн.

Айрым учурларда конфликт жеке адамдын жан дилинде, психологиясында, ички дүйнөсүндө болушу толук ыктымал. Мындай учурда жазуучу персонаждардын жан дүйнөсүндө жүрүп жаткан өзгөрүштөрдү, сапаттык кубулуштарды талдоого алат. Ал эми Ж. Шериев менен А. Муратов түзгөн “Кыргыз адабияты: терминдердин түшүндүрмө сөздүгүндө” деле конфликтке ушундай эле аныктама берилген: “Конфликт – көркөм чыгармада берилген бири-бирине каршы турган эки идеянын, пикирдин ортосундагы карама-каршылыктын жогорку формасы”[Адабият: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү: Түз.: Ж.Шериев, А.Муратов. – Бишкек, 1994. - 43-б.]

Көркөм конфликт – чыгармадагы сюжеттин өнүгүшүн, мүнөздөздөрдүн ачылышын шарттаган, идеялык-композоциялык курулушун бириктирген көз караштардын, идеялардын карама-каршылыгынын өсүп-өнүгүп жеткен чеги.

**Экинчи параграф “Көркөм конфликт жана турмуштук конфликт: жалпылыгы, айырмачылыгы” деп аталат.**

Ар бир эле жазуучу чыгарма жаратууда негизги материалын реалдуу турмуштан алып, аны өзүнүн аң-сезиминен өткөрөт. Реалдуу турмуштагы окуялар, адамдар, алардын жашоосу, ошондой эле алардын ортосундагы кагылыштар, карама-каршылыктар көркөм чыгарманын негизин түзөт. Бирок, жазуучу чыгармасында турмушту, андагы карама-каршылыкты дал өзүндөй кылып көчүрүп коё албайт. Турмуштук конфликттин көркөм конфликтке айландырылышы бир топ татаал, чагылдыруу теориясынын мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш ийген карама-каршылыктуу көрүнүш.

Көркөм конфликт тутумундагы дагы бир маанилүү элемент контекст, чыгарманын көркөм структурасындагы идеялык-эстетикалык компонент катары маанилүү роль ойнойт.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Конфликт көркөм чыгарма үчүн милдеттүү зарылдык, ынанымы, экинчи жагынан коомдун жана адабияттын прогрессине ылайык анын бир топ “ыйгарым укуктары” менен байланыштары – сөзсүз боло турган, акыры түбү кайсы бир натыйжага жеткирчү жашоо-турмуш карама-каршылыгы көркөм конфликттин “аналогун” жаратат, аны авансценага алып чыгат.

Айрым изилдөөчүлөрдүн ырасташынча, көркөм конфликттин “түзүмүн” аныктап чыгыш үчүн оболу алардын ички табиятын аныктап алуу зарыл. Адабиятчы К.Г. Шаззонун пикиринче, конфликт – бир жагынан, чыгармада “социалдык жана психологиялык айыгыштын” эстетикалык андалган системасы, экинчи жагынан, “чындыктагы аныкталган процесстердин” “продуктысы”, “аналогу”, “модели” болуп саналат.

Адабиятчы А. Г. Погрибныйдын ырасташынча, турмуштагы жана искусстводогу конфликт, анын даярдалышы, өнүгүшү, чечилишинин ортосундагы байланыштын маани-мазмунун, көркөм туюнтмасы төмөндөгүдөй принциптерге таянат, ошолор аркылуу конфликттин табиятын аныктоого болот.

1. Эстетикалык категория катары көркөм конфликт ага карата диалектикалык карама–каршылыктын өнүгүшүнүн жалпы принциптерин механикалык пайдаланууну кабылдабайт.

2. Турмуш көрүнүштөрүн чагылдыруудагы негиги жалпылык турмуштук конфликттин – чыңалуу, күрөш, антагонизм, көркөм конфликт экинчи түргө келген, чагылдыруу теориясына негизделген көрүнүш, турмуштук конфликттин өзү карама–каршылыктардан турары, анын көркөм конфликттен айырмасы, реалдуу негизге таянганы, ошонун продуктусу катары көрүнүшү менен өзгөчөлөнөт.

3. Конфликт үчүн турмуштук “материалдын” башаты катары “курчутулган” түшүнүктөгү конфликтти гана эмес, анын кең маанисинде карама–каршылыктын өзүн да түшүнүү керек.

Көркөм конфликттин реалдуу конфликттен өзгөчөлүгү, турмуштук негизден башка экенин баамдалбай койбойт. Анткен менен салыштырып жаткан көрүнүштөр өз ара байланыштарга ээ экендиги, экөөнүн тең негизги борбордук чекити катары карама-каршылык турганын, бул жалпылык дегеле конфликт түшүнүгүнүн негизин түзөрүн байкоого болот.

Көпчүлүк чыгармалардагы “баштапкы турмуштук конфликт” бир эле болушу мүмкүн, болгону таланттуу жазуучуларда “нерсени принциптик көркөм чечүү” ар кыл деңгээлде ал эми турмуштук конфликтти өз алдынча чагылдыруу бир эле мезгилде аны түзүүгө байланышкан. Турмуштук конфликттерди көркөм конфликттерге айлантууда белгиленген “диалектиканы” түшүнүү үчүн жашоодогу болуп жаткан окуяларга, кырдаалдарга жазуучунун мамилесин билүү жана аларды адабият тарабынан чагылдырылган турмуштагы карама–каршылыктар жана конфликттерге ылайык пайдаланса болот.

Адабиятта турмуштук конфликттерди чагылдырууда жазуучудан өзгөчө кылдаттыкты талап кылат. Турмуштук конфликттерди дал өзүндөй натуралисттик маанайда чагылдыруу көркөм-эстетикага туура келбейт, чын-чынында фотографиялык тактыкка умтулуу анын натыйжасы турмуштук чындыктан одоно чегинүүгө, көркөм чындыктын бурмаланышына гана алып келет. Т.а. турмуштук конфликт көркөм конфликтке кайра өзгөргөндө жекелик арасына жалпылыкты батырат, кайсы бир калемгер индивидуалдуу өзгөчөлүгүн ачып, ал түзгөн кайталангыс көркөм дүйнө көрүнүштөрүн алдыга тартат, окшоштуктар менен айырмачылыктар “ыйык” формулада камтылган мотивдерден гана көрүнөт. Жазуучу турмуштук конфликтти өзүнүн чыгармачыл максат-мүдөөсүнө ылайык кайрадан эстетикалык факт катары жаратат. Турмуштук конфликт өз кезегинде авторго чийки “материал” катары гана кызмат кылбайт, аны “милдеттендирүү менен” өзүнүн ички маңызы боюнча негизги идеяны ырааттуу өнүктүрүүгө шарт түзөт. Көркөм конфликттин өз алдынчалыгы диалектикалык түшүнүк, динамикасы ички карама-каршылыкка негизделген.

Көркөм конфликттин ажырагыс өзгөчөлүгү болуп анын конкреттүү –образдуулугу саналат. Абстракция чыгарманын маанилүү элементтерине эч качан кирбейт. Ар башка

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

мүнөздөрдүн, ар башка дүйнө таанымдар менен идеялардын, адамдык мамилелердин келбестигинин, жекеликтин ички келишпестигинин конфликттери бар.

Албетте, турмуш конфликттери личносттордун аракеттери жана ишеничтери менен байланышат, Биринчиден, адам таануу чөйрөсүнө таандык, ошондуктан алардын турмуштук-таануучулук аспектиси баш ийүүчүлүк мааниге ээ. Экинчиден, эгер турмуштук конфликт адамдардын тобун гана, маселен, тигил же бул кесипти ээлей алса, анда жазуучу тарабынан жаралган көркөм конфликт жалпы адамзаттык кызыкчылыкка таркалат, жалпы адам үчүн мааниге ээ болот. Мындан калемгер чыгармачылык жигердин зарыл болгон кандай этаптарын басып өтүш керек деген нерсе түшүнүктүү болот.

Көркөм конфликттин ушундай өзгөчөлүгү туурасында И. Бехер мындайча жазган: “... Нукура конфликт эч убакта жеке мүнөздү алып жүрө албайт – ал бизди жекеликтен өйдө көтөрөт жана конфликтти баштан өткөрүү процессинде тарап личность боло баштагандыгы менен мүнөздөлөт” [Бехер И. Защиту поэзии. – М., 1979. – с. 260]

Турмуштук кагылышуу же келишпестик, мейли ал абдан курч болсун, көркөм конфликттин жаралышына негиз түзүп, ага дем бере албайт, себеп дегенде ал маани-маңызынын сапаты боюнча реалдуу турмуштук негизден айырмаланышы керек. Белгилүү болгондой, жашоонун ажырагыс бөлүгү катары драматизм адам турмушунун көп кырдуу жактарынын бир бөлүгүн түзөт, драматизмдин образдуу чагылдырылышы, личность, мүнөз өз алдынча көз караштар аракетке келгенде гана ишке ашырылчу нерсе. Маанилүү идеялык-мазмундук негиз көркөм конфликттин пайда болушуна зарыл өбөлгө болчу көрүнүштөрдөн. Мындан улам конфликттин адабияттагы жана искусстводогу тип проблемасындагы маани-мазмуну бар экендиги ачыкка чыгат. Конфликт адабияттагы көркөм типтештирүүнүн маанилүү каражаттарынын бири.

Көркөм конфликттеги типтүүлүк турмуштук конфликттеги типтүүлүккө негизделет. Турмуштук жана көркөм конфликттеги типтүүлүк, бири экинчисине карама-каршы, ошондой эле жалпылыкка ээ көрүнүш. Көркөм типтештирүү субьективдүү башталыштын эң активдүү катышуусу болгондуктан, алар дайыма эле бирдей дал келе беришпейт.

Турмуштагы чыныгы конфликттер – чыгарманын кыймылдаткыч күчү. Жазуучу тарабынан туура ойлонулуп табылган карама-каршылыктар, коомдук-социалдык конфликттер чыгармада сүрөттөлүп жаткан каармандын мүнөзүн жана аны менен бирге сюжетти да өнүктүрүп отурат. Жакшы ойлонулуп, туура табылган турмуштук конфликт, жазуучунун материалды тандап алышына, чыгарманын композициялык тактыгын, сюжеттин өнүгүшүн аныктоого жардам берет. Чыгарманын идеялык-көркөмдүк биримдиги, ошондой эле мазмун менен форманын эриш-аркак тыгыз байланышын конфликт ачат. Акырында, жазуучунун көркөм образ түзүүдөгү ийгилиги да чыгарманын конфликттүүлүгүнө жараша болот. Анткени каармандын мүнөзү, анын бөтөнчөлүктөрү кыймыл-аракетте, ички же тышкы карама-каршылыкта даана ачылат, конфликт аркылуу ал мүнөздүн ишенимдүүлүгүнө жетишилет.

Мүнөздү ачуудагы бирден-бир маанилүү шарт коомдук-социалдык, философиялык, нравалык-психологиялык конфликттерди чагылдыруу болуп саналат. Ошондуктан ар бир жазуучу мүнөз түзүүдө каармандар аракет кылган кырдаалдарды туура байкап, ал кырдаалдарга мүнөздүү болгон конфликттерди көз жаздымда калтырбоосу зарыл. Бирок, конфликттер өз алдынча туруп, көркөм чыгарманын негизин түзө албайт. Социалдык жана психологиялык карама-каршылыктар мүнөздөр менен тыгыз байланышта берилгенде гана көркөм чындыкка айланат. Мүнөз менен конфликттин органикалык биримдиги жөнүндө адабиятчы М. Борбугулов: “... бирисиз бири жок. Анткени конфликт мүнөздөрдүн кагылышуусу аркылуу болуп көрүнсө, мүнөздөр конфликт аркылуу гана ачылуусу мүмкүн”,- дейт [Борбугулов М. Драмадагы конфликт жана образ. – Ф., 1958. - 317-б.].

“Көркөм образ түзүүдө жазуучу көңүлүн биринчи иретте каармандын мүнөзүн ачууга топтошу зарыл. Анткени образ - мүнөз деген түшүнүктөн канчалык кеңири болбосун, мүнөздү ачпай туруп, образды түзүүгө мүмкүн эмес”, - деп белгилеген адабиятчы С.Жумадылов [Жумадылов С. Кыргыз прозасындагы мүнөз проблемасы. – Ф.: Илим, 1974. -

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

5-б.]. Чындыгында да мүнөзсүз образ өз алдынча аракет кыла албайт. Турмуштук типтүү кырдаалдарга ылайык туура табылган мүнөз, калемгерге көз каранды болбостон, өзүнүн мыйзам ченемдүүлүгү менен аракеттенип, чыгарманын сюжетин табигый түрдө өнүктүрүп жүрүп олтурат.

Көркөм чыгармадагы мүнөз каармандын жеке касиеттерин көрсөтөт, ошондой эле аны тип даражасына чейин жеткирет. Ар бир доор, мезгил өзүнүн типтүү мүнөздөрүн жаратат.

Иштин II главасы **“Турмуштук нрава-психологиялык конфликт жана анын Ч.Айтматовдун романдарында көркөм иликтениши”** деп аталып, ал 2 параграфка бөлүштүрүлгөн. Мында Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн”, “Кыямат” романдарындагы конфликт, мүнөз маселелери анализге алынат.

1-параграф **«Кылым карытар бир күн» романындагы нрава-психологиялык конфликт жана мүнөз»** деп аталат да, романдагы нрава-психологиялык конфликттин берилиши, мүнөздөрдүн ачылышы изилденет.

Бул романы жөнүндө Ч. Айтматов: «Бардыгы бардыкка тиешелүү» деген макаласында мындай дейт: «Өзүбүздүн бүгүнкү жашоо турмушубузду терең аңдап түшүнүү – эң маанилүү бойдон калууда. Биз XX кылымдын адамдары - кимбиз? Биздин биргелешкен социалисттик коомубуз кандай? Мамлекет менен жеке адамдын өз ара мамиле катышын алуу, кошуусу эмнеде?" Эки карама-каршы системанын жанаша жашап турган шартында биздин биримдигибиздин динамикасы кандай? Мына ушулардын баарына кийинки муундар эмес, биз өзүбүз жооп берүүгө тийиштүүбүз. Адабияттын милдети - өзүңдүн негизги кызыкчылыгыңды көкүрөккө тутуп, бирок кеңири масштабдар менен ой жүгүртүү. Негизги кызыкчылык дегенди мен жеке адамды өз бөтөнчөлүгүндө изилдөө деп түшүнөм». Ушул пикиринин учугун улай эле, өзүнүн жаңы жазылган романында көтөрүлгөн проблемаларга токтолуп, автор: «Белгилүү бир улуттук маданияттын өкүлү болуп эле чектелбестен, кандайдыр бир чоң сөздү айтууга милдеттүү экенимди сезем. Мына ушул мааниде «чоң сөздү» мен өзүмдүн жаңы романымда «Кылым карытар бир күндө» айтууга аракеттендим», [Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз….. – Ф., 1988. - 163-б.] деген.

Жазуучу адам деген ким, анын жашоосунун маңызы эмнеде, дүйнөгө эмне үчүн келет, эмне иш жасап, кандай из калтырып кетет деген суроолорго космос бийиктигинен көз салып, жердеги адамдардан жооп издейт. Жогоруда айтылгандай козгогон проблемасынын масштабдуулугуна жараша романдын сюжеттик-композициялык курулушу да бир кыйла татаал. Сынчы К. Асаналиев: «Ч. Айтматов кезектеги чыгармасында философиялык-нравалык жаңы проблемаларды козгогондо сөзсүз адам ышкы сезимдери менен конфликттердин болуп өтүшүн шарттай турган турмуштук даректи, мейкин-мезгилдик координаттарды жаземдебей так аныктап алат» [Асаналиев К. Дела земные // Советская Киргизия. - 1981. - 8-янв.], - деп белгилеген. Бул жолу автор өз романына алыскы Сары-Өзөк чөлүндөгү Бороондуу темир жол бекетиндеги жөнөкөй, бир калыптагы жай турмушту тандап алат. Ээн талаадагы элден алыс турган Борондуу бекетте жашаган темир жол жумушчусу Эдигей Жангелдин авторду эмнеси менен ушунчалык кызыктырды экен деген суроо туулбай койбойт.

Тарыхый коллизиялар көбүнесе личносттун рухий дүйнөсү, ички монологдор жана эскерүүлөр аркылуу ачылат. Ч. Айтматовдун аталган романында конфликттин мына ушул ички өзөгүнө, экинчи түрүнө жолугабыз.

««Кылым карытар бир күн» романынын баш каарманы – Бороондуу Эдигей атыккан темир жолчу Эдигей Жангелдин кыргыз адабияты үчүн таптакыр жаңы көркөм тип», - деген А. Эркебаевдин пикирине кошулууга толук негиз бар [Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско. – Ф.: Адабият, 1990. - 220-б.]

Романда сүрөттөлгөн окуя ошол жалгыз бекетте отуз жылдан ашуун эмгектенип, бүткүл күч-кубатын темир жолчулук кесипке арнаган Казангап карыянын дүйнөдөн кайтышынан башталат, окуянын жүрүшү андан ары ретроспективдүү өнүгөт. Автордун сюжет куруудагы кыраакылыгы кандайдыр бир кырдаалды себеп катары алып, ага жараша

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

курч конфликт түзүп, каармандын жан-дүйнөсүн, мүнөзүн терең, ишенимдүү ачып алгандыгында.

Чыгармадагы Сабитжан атасын кадырлап көмүүгө эмес, эптеп парздан кутулуш үчүн келген экен. Казангапты көмүүгө даярдык көрүү процессинде анын бул ниети, иш-аракети улам далилденип жүрүп олтурат. Атасын кайсы жерге болсо да эптеп бир жерге көмө коюп эле кайра кетиш керек экен. Эне-Бейитке көмөбүз дегенге да каршы чыгып: «Кайдагы бир Эне-Бейитке дебей, ушу тегеректе жер азбы, босогоңон аалам түбүнө чейин Сары-Өзөктүн талаасы, өзү өмүр бою иштеп өткөн темир жолдун боюндагы бир дөбөчөгө жашырбайлыбы, поезддердин өткөн, кеткен дүбүртүн тыңшап жатсын» [Ч.Айтматов Чыг.жыйнагы. - 4-том 29-б.] - деген сандырак оюн айтат. Сабитжанды атасынын өлүмү кайгыртпайт, ал кийинки пландагы маселе, биринчи планда ал үчүн «чоңдорунун» буйругу, сөзү. Ал эми Эдигейдин бул тууралуу көз карашы таптакыр бөлөкчө. Сабитжандын жогоркудай тантыраганына кыжыры кайнап турса да, сабырдуулук менен гана: «- Тегеректин баары эле ээн жаткан жер дечи. **Бирок адамдар жакындарын негедир көрүнгөн жерге көөмп таштап кете бербейт**. **Бекеринен антишпесе керек.** Болбосо, аяй турган, кызгана турган жер барбы?» [30-б.] - деп уулунун атасынын өлүмүнө келгенин колко кылып жатканына ачууланат. Сабитжан үчүн атасынын өлүмү ага түшкөн мүшкүл, андан эртерээк кутулуунун камында. Эдигей болсо сөөктү көмүүгө болгон даярдыкты өз мойнуна алып, өз каадасы менен жерге берүүгө аракет кылат. Анын оюнда жакшы жашап, жакшы өткөн кишинин өлүмү кайгылуу болсо да, азалуу болсо да оор жүк же кыжалат түйшүк эмес, салтанат, ошого жараша урмат-сый болуш керек. Улам кийики эпизоддо жаңы кырдаал, коллизиялар пайда болуп олтурат. Карындашынын кошкон кошогун жактырбай Сабитжан чыр чыгарып, күйөө баласы менен мушташканга чейин барат. Өлүм үстүндө да ушундайга барабы деп Эдигейдин жаны кашайып, ар кандай суроолор башын оорутат: кимди тарткан бу балдар, эмне үчүн ушундай болуп калышкан? Киши болушса экен, Сары-Өзөктүн аңгыраган бир бекетинде калбай эл-журтка аралашса экен, чоңойгондо ата-энени каргап калышпаса экен деп, Казангап экөө ысык-суукта Кумбелдин интернатына ушул үчүн алпарып-апкелип жүрүштү беле?" [37-б.]

Ушул сыяктуу баш катырган суроолорго жооп таба албай кыйналат Эдигей. Ар бир окуядан психологиялык жараат алып, көңүлү ооруп отурат. Эдигейдин оозун ачырып, үрөйүн учурган нерсе Сабитжандын жийиркеничтүү сөздөрү болду. "Мезгили келгенде адамдардын бардыгы, алардын ар бир кыймал-аракети да жогортон келген команда, сигнал боюнча башкарылат. Ырдасаң да, бийлесең да, иштесең да, жада калса ойлонсоң да сигнал аркылуу ойлоносуң",- деген сөздөрүн угуп, «Ушундай киши бийликтин башында болуп калса карамагындагыларды курулай болсо да билимдүү көрүнгүлө деп, башкаларын башка тээп, такыр курутат го. Азыр бирөөнүн кол алдында иштеп жүргөндөгү кебетеси ушул. Сары-Өзөктүн элинин баары оозун тиктеп эле жалдырап отурса дегенде эки көзү төрт» [42-б.]- дейт ичинен Эдигей, жүрөгү тилинип. Автор мына ушундай ар кыл кырдаалдарда Эдигейдин жан дүйнөсүндө жүрүп жаткан нрава-психологиялык коллизияларга көңүл бурдуруу менен анын акырындап курчушун, күчөшүн шарттап жүрүп олтурат. Чыгармадагы ушу сыяктуу эпизоддордон жазуучу совет доорунда адамдар өз түп башаттарынан кантип алыстап, адамгерчиликтен кетип бара жатышкандыгын сынга алат. Совет доорунда, атеисттик көз караш күчөп турган мезгилде да Ч.Айтматов алмустактан бери мусулманчылыкта ыйык сакталып келген жөрөлгөлөргө каршы турган эмес. Анын каарманы Эдигей ар бир мусулман адам куранды биле жүргөнү оң дейт. «Артында келаткан жаш жолдошторун карап, Бороондуу Эдигей өзүнчө кейийт: булардын бири да куран билбейт. Кийин бири бирин эмне деп көмөт? «Кош, жолдош сени дайым эстеп жүрөбүз» деп, же дагы бирдемелерди былжырап коюп, тарап кете беришеби?

Жазуучу Казангаптын сөөгүнүн Эне-Бейитке коюлбай калышындагы кырдаалды сүрөттөө менен нрава-психологиялык коллизияны мурдагыдан дагы терендетип, курчуткан. Эне Бейиттеги Таңсыкбаев Сабитжандын жалгыз эмес экендигин дагы бир жолу ырастады. Өз эне тилинде сүйлөгүсү келбеген, жогору жактын буйругун кынтыксыз аткарган

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Таңсыкбаев менен жергиликтүү тургундардын кайым айтышуусунда да азыркы мезги[illegible] көптөгөн саясий, философиялык, психологиялык, нравалык маселелер камтылып турат.

Романдын соңку бөлүмүндө Эдигей күйүттүү ойлорго малынып, ызасы күчөп, заманасы куурулуп: “- Маңкурт экенсиң! Маңкурттун маңкурту сен экенсиң!” - деп каргап да, аяп да сүйлөнүп, башка айласы жок Эдигей Казангаптын сөөгүн эски мазардан алыс эмес жерге коюуга киришет. Эдигейдин мындай ой-санаасынын подтексти окурманга көп нерседен кабар бергенсийт. Ал учурда ачык, шардана айтылбаганы менен Советтик идеологиянын улуттардын улуттук өзгөчөлүктөрүн, баалуулуктарын билгизбей, мите курттай акырындап мүлжүп жоготуу саясаты болгону да тарыхый чындык эле. Ч. Айтматов Эдигейдин нрава-психологиялык драмасынын түпкүрүнө бул маселени коюп жатканы бекеринен эмес болчу.

Аза көчүн баштап баратып Эдигей Абуталип Куттубаевдин аянычтуу оор тагдырын эсине түшүрөт. Катаал мезгилдин бейкүнөө курманы болгон Абуталиптин тагдыры автор тарабынан өтө курч драмалуу түрдө сүрөттөлөт.

Абуталип окуясы менен автор 1952-53-жылдары болгон Сталиндик репрессиянын экинчи этабын, анын улуттук интеллигенцияга тийгизген залакасын абдан таасын чагылдырган. Абуталиптин трагедиясы аркылуу бүткүл репрессияланган адамдардын, алардын үй-бүлөсүнүн, жакындарынын аянычтуу тагдырын сүрөттөгөн. Романда бүдөмүк бойдон калган А.Куттубаевдин камалгандан кийинки тагдыры «Чыңгызхандын ак булуту» повестинде айкындалат.

Ак жеринен жалаа жабылган Абуталип повесттин соңунда өзүн поездден таштап жиберет. Чыгармадагы сүрөттөлгөн ушул кырдаал күтүлбөгөн жерден болду. Нак ушул кырдаалда Абуталиптин улуу акыйкат, чындык үчүн болгон күрөшү өз бийиктигине жетти. Анын жан дүйнөсүндө ушуга чейин акырындап курчуп, бышып жетилген коллизиялар конфликтке айланып жарылды. Абуталиптин адамдыкты тандоонун драмалуу жолунда турду. Же өзүнө окшогон күнөөсүз эки адамды Таңсыкбаевдин көрсөтмөсү боюнча күнөөкөр кылышы керек же... Ал артында кара так калтырууну каалаган жок. Таңсыкбаев сыяктуулардын жогоркудай мамилесине ал чечкиндүүлүгү, таза абийир үчүн болгон өлүмү менен жооп берди. АДАМ деген бийик атын сактап кала алды. Бул анын тандоосу болду.

Повестте жазуучу бийлик жана жеке адам тагдырларын терең иликтөө менен каармандардын чыныгы инсандык жүзүн драмалык курч нрава-психологиялык конфликт аркылуу даана ачып берген.

Ч.Айтматов Эдигейдин тынчы жок нравалык изденүүсү аркылуу Сабитжандардын азыркы мезгилде пайда болуп, жашап жатышынын тарыхый-социалдык, коомдук-психологиялык себептерин терең ачып берген. Бул туурасында адабиятчы А. Садыковдун пикирине назар салалы: “Сабитжан да космоско корабль учуп жатса, кайдагы бир жомокту айтасың деп, Эне-Бейитке түкүрүп отурат. Бул цивилизациядан улам пайда болгон терс көз караш. Дүйнөлүк цивилизациянын бийиктигине чыгыш үчүн, б.а. космоско биринчи болуп адам учуруш үчүн бийлик ар кандай жоготууларга, ошонун ичинде элдин ыйык нерселерин, өткөн тарыхын тебелеп-тепсөөгө барган”, - дейт [Садыков А. Кыргыздын залкарлары: Ч.Айтматов. – Бишкек, 2008. - IIтом. - 108-б.]. Албетте, мындайда курал катары Сабитжан, Таңсыкбаев сыяктуулар “чоң кызмат” аткарышкан.

Чыгарманын сюжеттик өзөгүнө чебер тартылган фантастикалык сюжет менен да автор бир кыйла олуттуу адамзаттык проблемаларды козгогон. Паритет-1, Паритет-2 космонавттардын иш-аракеттерин жана токойтөштүктөрдүн гумандуу, келечектүү цивилизациясын баяндоо аркылуу автор жердеги бүткүл адамзатка космос бийиктигинен үн салып, согуш деген түшүнүктөн алыс болууга, бири-бирин жок кылуучу куралдуу күчтөрдү чыгарууну токтотууга чакырат. Романдын чечилишинде автор космостук окуя менен Эдигейдин реалдуу жашоо-турмушун, маселе-суроолорун кездештирүү менен чыгарманын негизги нрава-философиялык концепциясын ишке ашырат. Чыгармада конфликтик катмарлар өтө арбын. Мындай өзгөчөлүк андагы каармандардын мүнөздөрүнүн ар тараптуу

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

көп кырдуу, ачык жана күчтүү болуп ачылышына толук шарт түзгөн десек болот. стилдик чеберчилик Ч. Айтматовдун көркөм-эстетикалык ачылышы деп баалоого арзыйт.

Экинчи параграф **«Кыямат» романы: типтүү кырдаал, типтүү конфликт маселеси”** деп аталат. Мында типтүү, кырдаал, конфликт, мүнөз тууралуу маалымат берилип, “Кыямат” романы кеңири анализденет.

Бул романда Авдий – сюжеттик өзөктүн борборундагы каарман. Баарынан мурда бул адамдын руханий жашоо-турмушу ишенимге жана күмөнгө негизделген. Анын ою, түшүнүгү боюнча мына ушул экөө – жашоонун кыймылдаткыч күчү. Өз ыйманын, абийирин сактоо, адамдарды жакшылык жолго үгүттөө – Авдийдин эң негизги жашоо принциптери. Ушул принциптерин ишке ашырууда Авдий үч жолу курч конфликттик кырдаалга туш болот. Биринчи жолу Координатор-ата менен. Бул идеялардын күрөшү, бийик интеллекттердин кагылышы. Экөө тең диндин өкүлдөрү. Мындай алганда булардын арасында эч кандай карама-каршылык, келишпөөчүлүк болушу мүмкүн эмес сыяктуу. Ошого карабастан Авдий менен Координатор-атанын талаш-тартышы утурумдук, жеңил-желпи түрдө эмес, өтө курч айыгышкан кырдаалда өнүгөт. Албетте, мындай күч тең эмес күрөштө Авдийдин абалы бечаралык экени анык бүткүл аракети, не бир асыл максаты, идеясы ырайымсыз кыйроого учурайт. Ошондо да Авдий өз позициясында бекем туруп: «Менин чиркөөм – мен өзүм. Мен храмды ыйык жер деп эсептебеймин, төтөн чиркөө кызматкерин, айрыкча азыркыларын олуя көрбөймүн» [ Айтматов Ч. Кыямат. – Ф., 1988. - 125-б.] - деп ачык эле каршы чыгат. Бирок, анын кыйроосу чегинүү эмес, тескерисинче, ал өзүнүн ишенимин түздөн-түз иш жүзүндө реалдуу турмушта көрсөтүүгө максат коёт. Ошол максат менен диний семинарияны таштап кетет. Ошентип Авдий өзүнө тааныш эмес дүйнөгө, Гришандардын дүйнөсүнө туш келет. Бул биринчи кырдаалда Авдийдин мүнөзүндөгү өзгөчөлүктүн алгачкы штрихтери көрүнөт. Диний семинарияны, андагы жогоруда айтылып өткөн кырдаалды сүрөттөө менен жазуучу каармандын мүнөзүнүн ачылышын шарттаган типтүү кырдаалды түзүүгө жетишкен. Чиркөөдө башкача талап, башкача философия, ал жерде окуган Адам диндик постулаттардын бардыгын талкуулоосуз кабыл алып, ага терең ишенимде болушу керек жана өзүн да моралдык-психологиялык жактан ага даярдашы керек. Бул чиркөөнүн айныксыз мыйзамы. Авдийдин ерестик көз карашы бул алгачкы күтүүсүздүк! Диндик жол-жоболор бекем тутулган чиркөөлүк окууда диндик догмага каршы ой айтуу, болгондо да аны жаңылантууну көздөө боюнча аракет жасоого умтулуу ушул турмуштук кырдаалда акылга сыйбаган көрүнүш. Жазуучу мындай турмуштук кырдаалдагы каарманынын иш-аракетин сүрөттөө менен окуучусуна анын компромиссиз, өзүнчө көз карашка ээ күчтүү духтагы личностук башталышынан кабар берет.

Бул кырдаал адабиятта жаңы эмес, ал эзелтен эски менен жаңынын карама-каршылыгы, күрөшү катары белгилүү. Бул күрөштө жаңычылдык дайыма жеңишке ээ болуп келген. Ч.Айтматовдун бул романында окуя Авдийдин түздөн-түз жеңиши менен аяктабайт. Бул Ч.Айтматовдун чечими. Ал бунтчул Авдийдин мүнөзүнүн алгачкы фундаментин түзөт. Атеисттик көз караш бекем калыптанган Совет доорунда Авдийдин мындай ересттик көз караште болушу дегеле мүмкүн эмес эле. Демократиялык кайра жаралуу мезгилинде Авдийлердин чыгышын мыйзамченемдүү, кадыресе көрүнүш катары кабыл алсак болот. Жаңы коомдук-экономикалык, саясий кырдаал каармандын мурдагы мезгилде болууга мүмкүн болбогон күтүүсүз аракети кайра куруу мезгилинин типтүү көрүнүшү. Мындай иш-аракет жаңы өзгөргөн коомдук шартта гана болушу мүмкүн. Ошондуктан Авдий үчүн азыркы учур, андагы түзүлгөн кырдаал типтүү десек болот. Биздин пикирибизче автордун да күтпөгөн күтүүсүздүккө кездештирүүдөгү негизги берейин деген идеясы, ою ушунда.

Авдий менен Гришандын кайым айтышуусунда бир топ социалдык, нравалык проблемалар камтылган. Демек бул конфликт деле Авдийди диний ишмерлер, Координатор-ата менен болгон келишпөө, айыгышкан салгылашуусунун уландысы, андан ары өнүктүрүлүшү. Гришандар Советтик доордун социалдык маселелериндеги чечилбей келе жаткан көйгөйлөрдүн туундусу. Советтик Социалисттик кырдаалдын көмүскө жагы, негативи Гришандарда таптакыр башка ишенимди жараткан, тактап айтканда, коом бербеген

материалдык жыргалчылыкты башка менен толуктоо. Гришандардын чолок ишеними ушундай жол гана бактылуулукка алып барат, бардык социалдык-психологиялык конфликттерди адамдар өздөрү башка бирөөнүн жардамысыз чечип алуунун бирден-бир туура жолу ушул деген ишенимде. Ушул позициядан Авдийге чабуул коюлат.

Гришан Авдийди тизе бүктүрүп, баш ийдирүүгө бүт аракетин жумшайт. Бирок Авдий өз ишениминен тайбастан, акыр-аягына чейин күрөшүп, сонунда чала өлүк абалында поездден ыргытылды… Ч.Айтматов сюжеттик ушул бурулушта библиялык символго Иисус Назарянин менен Понтий Пилаттын сюжетине кайрылат. Бул жерде Авдий Каллистратов менен Иисус Назаряниндин образын катар коюу максаты ачык эле көрүнүп турат.

Авдийдин үчүнчү салгылашуусу – Обер-Кандалов менен болгон «салгылашуусу». Бул анын күрөшүнүн жеткен кыл чокусу, эң акыркы барган кыямат жолу. Обер Кандаловдор да социалисттик коомдогу саясий-социалдык кырдаалдардан улам жаралган өзүнчө бир катмар. Алар коомдук-социалдык заказдын «туткундары». Ч.Айтматов «Кыяматта» мындай турмуштук көрүнүштөрдү сүрөттөө менен социалисттик коомдо бардыгы эле жайында эместигин, андагы туура эмес жүргүзүлгөн экономикалык-социалдык, идеологиялык саясат адамдардын рухун талкалап, маңкурттукка алып кирип бараткандыгын метафоралык көркөм образдардын системасында концептуалдуу чагылдырууну көздөгөн. Эгерде Координатор атада, Гришандарда белгилүү бир ишеним болсо, ошол ишенимдери үчүн Авдийге каршы күрөшкө чыгышса, Обер Кандаловдордун хунтасында эч кандай бийик ишеним жок. Алар болгону физикалык күчтөр, талкала дегенди талкалап, кыр дегенди эч кандай ой-түйшүксүз кырып кирген кыйраткычтар. Аларды оң жолго үндөөдө Авдийдин аргументтери алсыз, анткени алар кайтпас сапар алгандар эле.

Авдийдин мүнөзүн ачууда автор анын жалаң эле Гришан, Обер-Кандалов сыяктуу адам-жырткычтар менен болгон мамилесин көрсөтүү менен чектелбейт. Пушкин музейиндеги эски болгар ырын угуп аябай толкунданганы анын искусствону баалаган адам экенин далилдеп турат. Бул ырды угуу менен Авдий “Алтоо жана жетинчиси” деген грузин балладасынын түпкү маңызын түшүнөт. Ал эми “Алтоо жана жетинчиси” грузин аңгемесинде да автор Сандронун мүнөзүн эң сонун ачып берген. Гурам Жохадзенин, чекист Сандронун ички дүйнөлөрүндөгү кыяматтарды музыка аркылуу түшүндүрөт. Туулган жерден кетер күнү чогулуп алып ырдаган ырлары аларды бир туугандай жакындаштырып, бириктирип салат. Ата бабалардан калган ыр саптар канчалык жүрөгүн жибитип, дилин тазартып, көңүлүн жумшартпасын, бирок, буйрук деген буйрук. Чекист Сандро ыгын таап, Г.Жохадзе баштаган алтоосун атып өлтүрөт. Буйрук аткарылды, бирок, чекист Сандродон кубанычты, же канааттангандыкты көрбөйбүз. Тескерисинче, жан дүйнөсүн өрт каптап, акталгыс кылмыш жасагандай буулат. Сандронун моралдык психологиялык кыяматка туш болушуна, албетте, жогоруда ырдалган ыр себеп болду. Берки алтоо менен ал дегеле душман эмес экенин сезди. Аларды касташтырып турган ошол мезгилдеги тарыхый шарт эле (Понтий Пилат сыяктуу). Бул өлүм - акыйкатчылык үчүн болгон өлүм. Трагедиянын классикалык үлгүсү десек да болот. Ч.Айтматовдун чеберчилиги ушунда, ал Сандронун ички дүйнөсүндө, аң-сезиминде жүрүп жаткан карама-каршылыктын күрөшүн, жеке эгоисттик сезим менен жалпы адамзаттык баалуулуктун ички таймашын майдалап, сүрөттөп, окуучусунун убактысын алып олтурбайт. Ал бардык мүмкүн болгон финалдардан психологиялык жактан кынтыксызын табат. Сандронун өзүнө өзү ок атышы, анын ички карама-каршылыгынын кульминациясы. Өзүн өзү жазалаган Сандро, күнөөсүз күнөөлүү болуп, эми эле өз колу менен атылгандар тарабына өтүү менен моралдык-нравалык жаңы бийиктикке көз алдыбызда, окурмандын көз алдында көтөрүлөт. Бул Сандронун катаал мезгилге каршы турушу, туруштук бериши болгон.

Романдын негизги идеялык-проблемалык өзөгүн карышкырлар Акбара менен Ташчайнарсыз элестетүүгө болбойт. Роман бекер жеринен Акбара карышкырдын «тагдырын» баяндоодон башталып, анын өлүмү менен бүтүп жаткан жери жок. Акбара үч ирет бөлтүрүктөрүнөн ажырайт. Акбаранын тагдырына туш келген ушул үч ирет мүшкүлгө бирден бир күнөөлүү – адам. Ч. Айтматов Авдийди да үч ирет адамдан, анын жырткычтыгынан запкы көргөнүн

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

бекер сүрөттөбөйт. Авдийдин тагдыры карышкырлардын тагдырын метофоралашт[illegible] менен дагы курчутулган. Ушул жерден романдын биринчи, экинчи бөлүмдөрүндө сөз болгон А. Каллистратов менен үчүнчү бөлүмдөгү Бостон Үркүнчиевдин тагдырларында жакындык, байланыш бар. Сөз жакшылык менен жамандыктын, адамгерчилик менен наадандык, ариет менен абийирсиздиктин эзелки күрөшү жөнүндө бaратат. Жогорудагы эки каарман тең ушуну гана көздөп кыяматка барышат.

Акбара менен Бостондун кырчылдашкан душманга айланышына Базарбай түздөн-түз күнөөлүү. Базарбай «Кыяматтагы» эң бир трагедиялуу образ. Анын бактысыздыгында сөзсүз жеке адамдык духунун чабалдыгы да негизги фактор. Бирок романда Базарбай жинденгенде боктоп сөккөн чабандардын социалдык жашоо-шарты сөзсүз коомду ойлондуруучу маселе. Анын күйгөндөн айткан ич күптүүлүгү; чабандардын оор шартта иштеши, коомдо алар үчүн жашоонун элементардык зарылдыктары түзүлбөгөндүгү ой калчап, акыл жүргүзүүгө негиз берчү маселе. Базарбай наалыган социалдык абалдын да чындыктуу негиздери бар. Мындай шартта эрки күчтүү Бостонго окшогондордун миңден бири гана чыдап иштеп, Адамдык бийиктигин сактап калбаса, көпчүлүгү социалдык шарттын жоктугуна туруштук бере албай, дегредацияланышып, депрессияга чалдыккандары болгону да чындык.

Ошентип, романдын жыйынтыктоо бөлүмүндө жандуу идея менен догманын, жакшы менен жамандын, ак менен каранын ортосундагы күрөш жаңы мазмундук баскычка көтөрүлөт, ошого жараша күрөштүн өзү да башка түргө өтөт.

Авдий маселен, Гришанга, Обер-Кандаловго каршы кара күч менен ачыктан-ачык таймашка барбайт, бүткүл аракетин адамга болгон ишенимдин негизинде жүргүзөт. Ал эми Бостон болсо Базарбайга каршы мындай жол менен күрөшүү эч кандай натыйжа бербесине көзү жетет. Бостон менен Базарбайдын конфликтиси өзүнүн кыл чекитине жетип, «кимди-ким» деп турган учурда Акбаранын куугуну башталат. Үч жолу укум-тукумунан ажыраган Акбара акыркы максатын адамдан өч алууга багыттайт. Бул чыгармада сүрөттөлгөн жөнөкөй эле карышкырлардын өкүлү эмес, ал - жаратылыш эненин өкүлү.

Базарбайдын кесепетинен Бостон менен Акбара кырчылдашкан душманга айланды. Конфликт Бостондун көкүрөк күчүгү Кенжештин өлүмү менен аяктады.

Баласын жоготкон Бостон өз куйүтүн карышкырлардын үчүнчү трагедиясына себепкер болгон араккеч чабан Базарбайдан чыгарат. Акбара Бостондун колу аркылуу бөлтүрүктөрүн кыргынга учураткан Базарбайдан, туурасы адамдан өч алгандай болот.

Мындан улам биз Авдий менен Бостондун образдарын типтүү кырдаалдагы типтүү мүнөздөр деп айта алабыз. Себеби, алар күнүмдүк турмушунун, күнүмдүк кызыкчылыктарын гана канааттандырууну ойлогон нашаачылар, обер-кандаловчулар, гезит-киши Кочкорбаевдерге каршы өздөрүнүн ак эмгегин, ыйманын, жалпыга болгон ишенимин арттырууга, коомдун жогоркудай жат көрүнүштөрдөн тазаруусуна бүткүл аракетин жумшашы окурманды ыраазы кылат. Учурга мүнөздүү ушул типтүү кырдаал чыгарманын бүткүл мазмунуна бекем сиңип, ошол жалпы чындыкты көз алдыбызга даана чагылдырат.

Жыйынтыктап айтканда, жазуучунун «Кыяматы» коомдогу социалдык-нравалык маселелерди курч коюп, аларды жогорку чеберчиликте психологиялык тереңдикте ачып берген мезгилдин нервиндей чыңалган чыгарма экендигинде талаш жок. Автор өз романы аркылуу учурдун көйгөйлүү проблемаларын козгоп, жараатты сыйрыгандай аларды аёосуз жылаңачтап, аларга коомчулуктун, биринчи кезекте адамзаттын көңүлүн бурууга, бүгүнкү күндө адамзат социалдык-нравалык сормо сазга батып бараткандарды куткарышы керек экендигин, ал үчүн күндө Адам болуу кыйын болсо да, ал жолго түшүү зарыл экендигин өзгөчө белгилейт.

3-глава **«Нрава-философиялык конфликт жана мүнөз Айтматовдун көркөм иликтөөсүндө»** деп аталып 2 параграфтан турат. 1-параграф «**Кассандра тамгасы» романындагы нрава-философиялык конфликт жана мүнөз**» деп аталат.

«Кассандра тамгасы» романынын негизги окуясы Америка Кошмо Штаттарында өткөнү менен маселенин төркүнүнө тереңдеп кирсек автор бүткүл дүйнөдө, т.а., Жер планетасында болуп жаткан окуялардын, курч кырдаалдардын картинасын космостук байкоо

аркылуу чагылдырат. Окуя космостук монах Филофейдин Рим папасына, т.а. жер жүзүн жалпы адамзатка жиберген катынан чиеленип, адамдардын реалдуу турмушунда күтүүсүздөн конфликттүү кырдаал түзүлүп, ал космостук ылдамдык менен курчуп жүрүп олтурат. Көрсө, адамдын жакшы же жаман, киши өлтүргүч, зордукчул болорун анын түйүлдүк кезинде эле билсе болот экен. Филофейдин эмбриондор тууралуу кабарынан кийин коомдук турмушта абдан карама-каршылыктуу жагдай түзүлүп, кантсе да адамдар эки жолдун бирөөсүн тандап алуусуна туура келет. Бирок учурдагы коом, адамзат Филофейдин ачылышын кабыл алууга даярбы? Бул кабарды угуп эси эңгиреп турган элдин ичинен жападан жалгыз окумуштуу футуролог Роберт Борк гана Филофейдин ачылышынын түпкү маани-маңызын түшүнө алды. Кезектеги илимий иш сапарынан кайтып келе жатып аялы Жессиден бул кабарды укканда эле Борк ушул ачылышты өзү да өмүр бою күтүп жүргөндөй жылуу кабыл алат. Чыгармада конфликт жөн салды эле турмуштук маселелерден келип чыкпастан, адамзатты кыямат-кайымдан сактап калуунун бирден-бир мүмкүнчүлүгү – кассандра эмбриондор берген белгини өз убагында байкап, аны алдын алуу керек деген бир кыйла философиялык ой-жооруулар менен ал пикирге каршы турган күчтөрдүн ортосунда чыгып олтурат. Жазуучу нак ушул маселеге карата адамдардын көз караш, позицияларына сереп салуу аркылуу коллизияны курчутат, кырдаалды татаалдантат.

Филофейдин «кассандра тамгасы» эксперименти жөнүндө сөз болуп, эл ызы-чууга түшөт. Чыгармадагы бул кырдаалды курчутуп сүрөттөө менен Ч.Айтматов Ордоктун (АКШнын президентине талапкер - М.К.) чыныгы жүзүн ачууну көздөгөн. Тандоо керек болгон чечүүчү учурда Ордок кандай позицияны ээлеши керек эле, мына ушундан Филофейдин ачылышынын (Борк колдогон) келечек тагдыры чечилмек. Бийлик менен мансапты жанынан да артык көргөн Ордок бир заматтын ичинде кубулуп, шайтан кейпин кийип туруп, Боркту көз көрүнөө сатып кетти. Бул конфликт кадыресе эле эки адамдын ортосунда гана эмес, жаман менен жакшынын, өлүм менен өмүрдүн, ак менен каранын ортосундагы келишпестик. Ордоктун мындай эки жүздүүлүк менен сатып кетүүсү Роберт Боркту майыштырып, тизе бүктүрбөстөн, тескерисинче, идея үчүн күрөшкө чымыркантып, Филофейдин теориясынын чындыгы бар экенин элге далилдеп берүүгө күч берди. Ушул түзүлгөн жаңы драмалык кырдаалдар Борктун жан дүйнөсүн, ички потенциалын, маданиятын, мүнөзүн ачып берүүгө шарт түздү. Бул күрөштө ага жардамга аялы Жесси менен жаш Э.Юнгер келишти. Бирок, кырдаал экөө ойлогондон да курч эле. Эч нерсени түшүнгүсү келбеген жаалданган сүрмө топ Борктун үйүнө чейин бастырып келип, окумуштууну өлтүрүшөт. Бул жерде физикалык конфликт бар. Нравалык жактан бузулган коом чындыкты түшүнгүсү келбеди. Чындыкты жактаган жалгыз адамды өлтүрүп тынышты, бирок, чындык чындык боюнча кала берди.

Космостон кабар жиберип бүт дүйнөнү дүрбөлөңгө салган Филофей, чыныгы турмуштагы Андрей Крыльцов, кандай өмүр кечирип, кантип космос монахы болуп калгандыгы, ушундай болууга түрткөн шарт-жагдайлар тууралуу романдын эпилогунан кеңири маалымат алабыз. Бул романдын эпилог-повестин түзөт да, негизги сюжеттин мазмунун тереңдетет, Андрей Крыльцовдун мүнөзүн дагы да айкыныраак ачып көрсөтөт. Бул бөлүмдө сюжеттин өнүгүүсү да, конфликттин курчушу да башкача мүнөзгө өтөт. Ошондуктан автор аны тээ ымыркай кезинен баштап илимдин туу чокусуна жеткен окумуштуу болгонго чейинки өмүр-таржымалын деталдаштырып сүрөттөйт. Ал илимге баш-оту менен киришип, укмуштуудай илимий мансапка жетишти. Өмүрүн иксроддорду – жаңы адамдардын түрүн анонимдүү жасалма жол менен жаратуу проблемасына арнайт. Анын илимий эксперименттерин, ачылыштарын мамлекет кош колдоп, лабороториясына материалдык-техникалык, финансылык жактан аябай чоң жардам берилип турган. Көрсө, мындай адамдарды жаратуу аркылуу көпчүлүк эңсеп, чаңкаган коммунизмге башкалардан алда канча эртерээк жетишсе болот. Ата-эне, урук-тууган дегенди билбеген «жаңы адамдар» мамлекет тарабынан өстүрүлүп, билим алып, кандай ишке болбосун, мейли ал иш кылмыштуу болсун, кыңк дебестен кылчактабай барып так аткара алышат. Бул маңкуртчулуктун жаңы тиби. Ошол мезгилдеги мамлекеттик саясатка, идеологияга дал

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ушундай адам керек эле. Иксроддорду жаратуунун адамзат үчүн коркунучтуулугу окумуштуу ойлондуруп да койбойт, бул иши үчүн өзү эмес, мамлекет жооп берет, бул анын проблемасы эмес. Ошентип, А.Крыльцов эң коркунучтуу ишке – түрмөдөгү зек аялдарга жасалма жол менен боюна бүтүрүү үчүн иксроддорду жаратуучу ишке киришет. Мындай «жоопкерчиликтүү» ишке кирүүдө А.Крыльцовду жаңы кырдаал, жаңы психологиялык чыңалуу күтүп турганынан кабары жок окумуштуу үчүн Руна Лопатинага кез келүү күтүлбөгөн күтүүсүздүк болот. Руна Лопатина аттуу зек аял менен кездешүү А.Крыльцов үчүн чындык жана абийир менен бет келүүсү болду, бүтүндөй жашоосун, ички дүйнөсүн төңкөрүп, астын-үстүн кылып жиберди. Дал ушул кульминациялык чекитте окумуштуу өзүн өзү тааный алды. «Профессор Крыльцов өзүнүн илимий жыйынтыгы боюнча, жасалма адамдарды жаратуу боюнча, адамзат үчүн канчалык коркунучтуу кырдаалга жеткенин биринчи жолу дал ушул зекинкуба Руна Лопатина менен болгон диалогунда реалдуу сезди» [Асаналиев К. Асманда пайда болсо, экинчи күн… // Кыргыз туусу. - 1995. - 23-май], - дейт бул тууралуу адабиятчы К.Асаналиев.

А.Крыльцовго эч ким даап айта албаган чындыкты Руна тайманбай бетине айтып, аны бир түндүн ичинде такыр башка адамга айланууга мажбурлап олтурат. Крыльцов катарсис абалын башынан кечирди. Рунанын сөздөрү ага тынчтык бербеди. Түнү бою ойлонгон Крыльцов илимдин жетишкендиктери коомдун алдында өз кезегинде зоболосун көтөргөнү менен илим менен абийир анчалык шайкеш келбегендигин, көп учурда илим менен кылмышкерлик өз ара байланышта экендигин түшүндү. Ошентип, мурдагы Крыльцов менен азыркы Крыльцовдун ички келишпестиги, өткөн чак менен азыркы учурдун ортосунда чоң ажырым, конфликт пайда болду. Ушул шарт-жагдайлар ага космоско барып, анда биротоло калып калууга мажбурлады. Космосто жүрүп Андрей Крыльцов басып өткөн татаал карама-каршылыктуу турмуш жолуна, жаңылыштыктарына, жасап жүргөн илимий эксперименттерине баа берүү менен адамдык абийири ойгонуп, моралдык-нравалык, ыймандык жактан тазарууга жетишти. Жазуучу өтө чебердик менен чыгармадагы окуянын өнүгүш логикасын бузбастан мурдагы илимпоз Крыльцовдун – азыркы космос монахы Филофейдин алдына экинчи курч психологиялык конфликти даярдайт. Филофей бул жолу адамзат коомун алдыда боло турган бүтүндөй жамандыктардан сактап калууга болгон аракети ишке ашпады, ал адамдарды өзүнүн кезектеги илимий ачылышынын маанилүүлүгүнө ишендире албады. Анын алгачкы конфлиги жалгыз гана зек аял Руна менен болсо, бул жолу бүтүндөй бир коом ага каршы турду. Филофейдин бул ачылышынын курмандыгы эч күнөөсү жок футуролог Роберт Борк болду. Ушинтип эле күнөөсүз адамдардын өмүрү кыйылып жатканын көргөн Филофей кезегинде кылып жүргөн кылмыштуу илимий изилдөөлөрүнүн зыяны кандайдыр бир деңгээлде азыркы коомдо да өз натыйжасын бергенине өзү күбө болду. Чындыгында да дүйнөдө болуп жаткан бардык жаман-жакшы иштер, адам өлтүрүүлөр, адамдын төбө чачын тик тургузган ыплас кылмыштар бир гана адамдардын өздөрү тарабынан жасалып жатканы романда түрдүү кырдаалдарда (митингдердеги демонстранттарды, Ооганстандагы, Тоолуу Карабахтагы, Кызыл Аянттагы окуяларды сүрөттөөдө) көрүнөт. Нравалык жактан бузулган коом моралдык-этикалык жүрүм-турум нормалары бошоп, мындай кылмыштарга эч кандай ойлонбостон, психологиялык жактан кыйналбастан тик бара турганына ушул эпизоддор далил. Бул азыркы коомдун өтө чоң трагедиясы! “Кассандра тамгасы” - каармандардын кайгылуу коллизиясына негизделген фантазия менен реалдуу турмуш чырмалышкан чыгарма, ал эми анын мазмундук мааниси келечектеги урпактардын «башын катыра» турган кызыктуу илимий проблема» [Акматалиев А. Айтматов космосу - Адам жана аалам // Ч.Айтматов Кассандра тамгасы. - Бишкек: Кыргызстан, 1996. - 246-б.],- деп адабиятчы А.Акматалиев белгилегендей эле Айтматовдун чыгармаларында акыйкат жана ал үчүн күрөшкөн прогрессивдүү көз караштагы каармандардын тагдыры трагедиялуу аяктайт. Бирок, бул каармандар эч качан өз позицияларынан тайбайт, өз идеяларынан өлүм алдында турса да баш тартпайт, адилеттүүлүк үчүн акыр-аягына чейин күрөшөт. Жазуучунун чыгармаларынын көркөм эстетикалык күчү да мына ушунда.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Жыйынтыктап айтканда, фантазия менен реалдуулуктун айкалышынан жаралган «Кассандра тамгасы» романында Ч.Айтматов нравалык, руханий жактан кризиске учураган азыркы коомду, андагы толгон токой терс көрүнүштөрдү, конфликттерди чагылдыруу менен түрдүү кырдаалдардагы ар кыл адам мүнөздөрүн психологиялык терeңдикте ачып берүүгө жетишкен.

3-главанын экинчи параграфында **«Тоолор кулаганда»** романындагы социалдык-философиялык конфликттер анализге алынып, ал **“«Тоолор кулаганда» романында Ч.Айтматовдун сюжет, конфликт, мүнөз маселелерин көркөм ишке ашыруу чеберчилиги”** деп аталды. «Тоолор кулаганда» романы азыркы глобалдашуу мезгилиндеги адам тагдырына арналат. Чыңгыз Айтматов чыгармачылыгынын алгачкы күнүнөн тартып соңку романына чейин Адам жана Коом маселесин түрдүү турмуштук кырдаалдарда, ар кыл адам мүнөздөрүндө көп кырдуу чагылдырып келди.

«Тоолор кулаганда» романында башкача турмуштук кырдаалдар, башкача турмуштук кагылыштар сүрөттөлөт. Жазуучунун мурдагы чыгармаларындагыдай эле романда эки сюжеттик линия, аларды идеялык, мазмундук жактан байланыштырган жана автордук концепцияны ишке ашырууда чоң роль ойногон «Кыз кайып» уламышы бар. Жаратылыш, жан-жаныбарлар менен адамды ажырагыс биримдикте сүрөттөө аркылуу жазуучу күтүүсүз, өзүнөн өзү чыга калгандай табыгый кырдаалды жаратып, сюжеттин түпкү маани-маңызына айландырып жиберүүдө өтө чебер экени баарыбызга маалым. Ошондуктан бул чыгарма да «Кыямат» романындагыдай эле (карышкарлардын жашоосун сүрөттөөсү) Жаабарс аттуу илбирсти сүрөттөө менен башталып, ал сюжеттик линия башкы каарман Арсен Саманчиндин реалдуу жашоосу менен параллель чагылдырылып олтурат. Мындай алып караганда карлуу тоолордо жашаган Жаабарс менен глобалдашуу мезгилинде рыноктук шартта шаарда жашап жаткан Арсендин жашоосунун эч кандай окшоштугу да, байланышы да жоктой сезилиши мүмкүн. А бирок адам менен жаныбардын баштарынан кечирген тагдырларын, сүйүү баяндарын, андан келип чыккан ой-жыйынтыктарын, сезимдерин, ички карама-каршылыктарын, адамдыгын, сүйүүсүн сактап калуу үчүн болгон психологиялык күрөштөрүн реалдуулук менен романтикалуулуктун синтезинде чагылдырылышы автордун сюжет куруунун эң мыкты чебери экендигинен кабар берет. Чыгармада сүрөттөлгөн бул жагдайлар романдын негизги коллизия, конфликттеринин келип чыгышын шарттады. Жазуучу романдын сюжети башталгандан эле каарман Арсен Саманчиндин азыркы рыноктук мамилеге негизделген жаңы коомдук-экономикалык шарттагы туш болгон курч конфликттүү кырдаалдарды сүрөттөп, баштан кечирген өтө терең ички драмасын чагылдырган.

Алгач окурман Арсен Саманчин менен ресторанда олтурган жеринен таанышат. Бул жерге Айдананы көрүү үчүн келип жүрчү. Экөөн сүйүүсүнөн ажыраткан шоумен Эрташ Курчалга ичтен жинденип жүргөндө ошол күнкү ресторанда болуп өткөн окуя Арсенди бир чечимге келүүгө мажбурлады. «Евразия» ресторанынын башкы директору Ошондой (аны Арсен ушинтип атап алды) менен болгон кагылыш анын бүгүн бул жерде болбошун талап кылган сунуштан келип чыкты. Бул көрсөтмө кимден экени Арсенге айдан ачык, бештен белгилүү. Жазуучу ушул кичинекей эле эпизоддук кагылышта анын адамдык деңгээлин, ички маданиятын, мүнөзүн жогорудагы сүйлөгөн сөздөрү аркылуу эле ачып берүүгө жетишкен. Бир кезде чын дилинен сүйгөн Айдана Самарова аны оңой эле акчалуу шоумен, олигарх Эрташ Курчалга алмашып кеткенине көзү жетип турса да, ишенгиси келбеди. Мунусу аз келгенсип үйүнө жетерде журналистти Эрташ Курчалдын «чабармандары» кууп жетип, коркутуп-үркүтүп кетишти. Алеки саатта экинчи кагылыш болуп өттү. Ушул кагылыштардан Арсендин жан дүйнөсүндө пайда болгон психологиялык залал Айдана экөөнүн ортосундагы махабат баянынын аякташына коюлган чекит эле. Ал өзү өмүр бою жан-тенине сиңирип, жашоосунун маңызына айлантып алган «Кайып колукту» ариясынын Айдананын аткаруусунда угуу кыялынан ажырап олтурду. Ал «Кайып колукту» легендасына ишенип, Айданадан да ошондой сүйүүнү, туруктуулукту, сүйүү үчүн эч нерсеге карабай күрөшүүнү күткөн эле. Бирок, реалдуу жашоодо андай болуп чыкпады. Ошондуктан

чыгарманын сюжетинин өнүгүшүндө, анын психо-философиялык конфликтинин чечилишинде «Кайып колукту» легендасынын ролу зор. Себеби уламыштагы колукту өзүнүн сүйүүсү үчүн акыр-аягына чейин күрөшүп, туруктуулуктун символу катары түбөлүккө жашап калды. Ал эми Айдана болсо социалдык кыйынчылыктарга туруштук бере алган жок.

Реализмдин эң маанилүү жетишкендиктеринин бири – адам мүнөзүнө психологиялык анализ жасоо. Ч.Айтматов бул жетишкендикти ар чыгармасында өтө кылдат, терең өздөштүргөндүгү маалым. Ресторанда Ошондой менен болгон кагылыш, андан кийинки окуя, Арсендин сүйүүгө болгон акыркы үмүтүнүн талкаланышы – баары чогулуп келип, Эрташты өлтүрүү чечимин кабыл алууга түрттү. Бул жерден биз турмуштук кагылыштардан сырткары моралдык принциптердин кагылышын байкай алабыз. Арсен үчүн эң башкысы - абийир жана идея. Өз идеясын, абийирин утурумдук акчага, байлыкка алмашкысы келбейт. Айрыкча, «Кайып колуктунун», махабаттын алдында саткын болгусу келбейт. Анын бүткүл жашоо принциптери да ушуга негизделген. Эрташ Курчал экөөнүн ортосундагы айырмачылык да, конфликт да ушул принциптердин негизинде келип чыгып олтурат.

Ч.Айтматов психолог-жазуучу, ал адамдагы, ал каарман мейли жаңыдан калыптанып келаткан же калыптанган адам болушу да ыктымал, жаңы башталмалардын жаралышына өбөлгө түзгөн жан дүйнөдөгү кризистик абалды изилдейт. Аны сүрөткер катары биринчи кезекте жыйынтык эмес, процесс кызыктырат. Ошентип, Эрташ Курчалды өлтүрүүнү көксөгөн эгемен журналист Бектур агасынын чакыруусу, сунушу боюнча аңчылык ишинде араб миллионерлерине котормочу катары туулган айылы Туюк-Жарга барат. Арсенге ал жерге баруу, кызматташуу куралга жетүүнүн эң сонун жолу эле. Бул жерде ал үч уктаса түшүнө кирбеген экстремалдык кырдаалга туш келет. Анын айылдашы, классташы Таштанафган өзүнүн «план-программасын» ортого салып, ага Арсенди да шериктеш болосуң деп мажбурлайт. Ташафган экөөнүн ортосундагы кайым айтышуу – эки башка көз караштагы, түшүнүктөгү адамдардын кагылышы. Мына ушул кагылыш романдын финалдык жыйынтыгын шарттады. Арсендин Ташафгандын ушундай жырткычтык менен ойлонулган планынын алдында өзүнүн Эрташ Курчалды өлтүрүү жөнүндөгү планы түккө турбай калды. Ташафгандын бул планын укканда алгач ага «Дүйнө ордундабы?» деген ой келди. Ал үчүн сырткы дүйнө ордунда турганы менен анын жан дүйнөсү астын-үстүн болуп кеткенсиди. Төбө чачты тик тургузган Ташафгандын кара мүртөз, арам ойлорунан кантип кайтарса болот, ага жана анын командасына каршы келер күчтү кайдан табат, бул кырдаалдан кантип **адамча** чыгып кетет?

Арсен табиятында киши өлтүрүүгө, дегеле бирөөгө зыян келтирүүгө жөндөмсүз. Ал эми анын жогорудагы ойлору ага жасалган адилетсиздиктен, чыңалган психологиялык абалдан улам пайда боло калган убактылуу кыжырдануу эле. Сюжеттин мына ушул окуясынан баштап романдын аягында орун алган эпилог «Өлтүрүү – өлтүрбөө» аңгемеси өз функциясын аткара баштайт. Ал кандай тандоо жасайт? Эрташ Курчалды өлтүрүү идеясын улантабы? Ташафганга кошулуп террорист болобу? Ташафган анын макул, макул эместигине карабай өз планын ага таңуулап жатат. Бул жерде кырдаал да, конфликт да аябай курчуп апогейине жетет. Арсендин бир чечимге келүү убактысы жакындап жатты. Так ушул сюжеттик бурулушта, Арсен эмне кылар айласын таппай турган учурда «Кайып колукту» кайра тирилип келген сыяктанып анын тагдырында Элес пайда болду.

Үчүнчү - Арсендин араб ханзадаларын аңчылыкка Молоташ үңкүрүнө алып бараткандагы акыркы чечим кабыл алууга аз убакыт калгандагы кырдаал. Арсен бул кырдаалдагы бир эле туура эмес кадамы менен көп кишиге зыян алып келип, эл аралык чатак чыгып кетүү коркунучу туулмак. Эч кимге зыяны тийбей турган аракет жасаш керек. Дал ушул учурда Арсен өзүн курмандыкка чалуу менен башкаларга тынч жашоо тартуулайт. Мындай кадамы менен баш каарман Ташафган, Эрташ Курчал сыяктуу акчага азгырылып, кандай кылмыш болсо да жасоого даяр турган аракетине чекит коё алды. Ошондой эле алардын алдында адамдык бийик тепкичке көтөрүлө алды. Ушул аракети менен Адамзатка бүгүнкү жашоодогу туура жолду тандоонун үлгүсүн, өрнөгүн көрсөттү.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**Корутунду**

Диссертациялык иштин корутунду бөлүмүндө изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар берилди. Иштин 1-главасы **«Көркөм конфликт жана анын чыгармадагы орду»** деп аталып, бул бөлүмдө конфликттин ички табиятына, чыгарманын сюжети, образдар системасы, конструкциясы, идеясы, тематикасы менен болгон ички биримдигине, изилдениш деңгээлине, эстетикалык маанисине басым жасалып, теориялык маселелери окумуштуулардын пикирлери менен бекемделип, кырдаал, коллизия, конфликт түшүнүктөрүнө аныктамалар берилди жана төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

- конфликт – сюжеттин динамикалуу өнүгүшүн камсыздоочу эң маанилүү каражат.
- Сюжеттин өнүгүшүндө эң биринчи кырдаал жаралып, андан соң коллизия пайда болуп, курчуп олтуруп конфликтке өсүп жетет;
- Конфликттин курч берилиши мүнөздөрдүн так, таамай ачылышына шарт түзөт.
- коллизия көркөм чыгарма менен, конфликт – чындык, турмуш менен өз ара катышта.
- Коллизия – "кайгыруу драматизминин" берилиши, ал эми конфликт – "жеңип өтүүнүн драматизми", "коллизиянын чечилиши.
- Коллизия – "конфликттин себеби, умтулуулардагы карама–каршылык", конфликт болсо – карама-каршы умтулуулардын кагылышы.
- көркөм конфликт турмуш конфликтинин түздөн–түз "дубликаты" эмес.
- турмуштук жана көркөм конфликт үчүн жалпы идея – ички маңыз (концепция, идея).

**"Нрава-психологиялык конфликт жана анын Ч.Айтматовдун романдарында көркөм иликтениши"** деген иштин 2-главасында **"Кылым карытар бир күн"** романындагы нрава-психологиялык конфликт жана мүнөз" деген бөлүмчөдө автордун конфликт, мүнөз түзүү чеберчилигине анализ жасалып, талдоо жүргүзүлдү. Бул романда Ч.Айтматов башкы каарман Эдигейдин мүнөзүн түзүүдө эки нерсеге өзгөчө көңүл бурат. Биринчиси, Эдигейдин учу-кыйырына көз жетпеген Сары-Өзөк талаасындагы монотондуу турмуш шартка чыдаган, күчтүү духу, темирдей бекем эрки.

Экинчиси – каармандын биздин турмушубуздагы көптөгөн маселелер, анын ичинде азыркы күндүн маңкурттары жөнүндөгү мээ чарчатып ойлонгон тынчы жок ички түйшүгү, ички келишпестиги. Нравалык бийик критерийлеринен азыркы күндүн төп келбестиги ортосундагы кагылыш Эдигейдин мээ чарчаткан ой-түйшүгүндө коомдогу болуп жаткан нравалык, ошол мезгилдин көйгөйлүү социалдык маселелери, бийлик, мамлекеттик саясат жана жеке адам тагдырларындагы карама-каршылыктар чагылдырылып жүрүп олтурат. Диссертацияда Эдигейдин линиясында өзүнчө нрава-психологиялык конфликт, Абуталиптин линиясында мезгил, тарыхый шарттагы жеке адам тагдырына байланышкан курч конфликт бар экендиги белгиленет.

Бөлүмдүн экинчи параграфы **""Кыямат" романы: типтүү кырдаал, типтүү конфликт"** деп аталып, анда романдын сюжеттик-композициялык курулушу алда канча татаал жана көп кырдуу, бир нече новеллалардын биримдигинен турары жөнүндө сөз болот. Бийлик башындагылардын туура эмес саясат жүргүзүшү, элдин аларга болгон ишениминин кетиши романда реалдуу сүрөттөлөт. Мындан улам биз Авдий менен Бостондун образдарын типтүү кырдаалдагы типтүү мүнөздөр деп айта алабыз. Себеби, алар күнүмдүк турмушунун, күнүмдүк кызыкчылыктарын гана канааттандырууну ойлогон нашаачылар, обер-кандаловчулар, гезит-киши Кочкорбаевдерге каршы өздөрүнүн ак эмгегин, ыйманын, жалпыга болгон ишенимин арттырууга, коомдун жогоркудай жат көрүнүштөрдөн тазаруусуна бүткүл аракетин жумшашы окурманды ыраазы кылат. Учурга мүнөздүү ушул типтүү кырдаал чыгарманын бүткүл мазмунуна бекем сиңип, ошол жалпы чындыкты көз алдыбызга даана чагылдырат. Романда мындан башка дагы драмалык конфликт бар. Авдий Каллистратовдун образын түзүп, мүнөзүн ачып берүүдө автор каарманды ар кандай драмалык курч кырдаалдарга тушуктуруп, анын рухий жан дүйнөсүнүн байлыгын, гумандуулугун, адамгерчилигин ачык-айкын көрсөтүп бере алган.

**«Кассандра тамгасы» романындагы коомдук-философиялык конфликт жана мүнөз»** деп аталган бөлүмдө Ч.Айтматовдун бул романы да сюжеттик курулушу, көркөм

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

поэтикасы боюнча өзгөчөлөнүп турары жөнүндө да кеңири маалымат берилди. Ан «Кассандра тамгасы» публицистикалык маанайда жазылган, фантастика аралашкан философиялык роман болуп эсептелет. Ошондуктан, мындагы конфликттин мүнөзү да бир кыйла татаал жана философиялуу. Автор каармандарынын мүнөзүн аябай курчуган экстремалдуу кырдаалдарда ачат. Эки адамдын күрөшүн, карама-каршылыгын эле сүрөттөбөстөн, бүтүндөй бир коомдун, азыркы башаламан турмуштун жеке адамдын тагдырына байланышкан конфликтисин чагылдырат. Өздөрүнүн келечегине карата айтылган, изилденген илимий экспериментти кабыл алгысы келбеген коом, Филофейге аны жактаган футуролог Р.Боркко каршы туруп, аны өлтүрүштү. Бирок, өз идеясынан баш тарттыра алышкан жок.

Ч.Айтматовдун эң соңку чыгармасы – «Тоолор кулаганда» романынын окуясы кыргыз жергесиндеги глобалдашуу мезгилиндеги адамдардын социалдык теңсиздигин, руханий баалуулуктардын, маданияттын кыйроого учурап баратышын кеңири планда чагылдырган. Романдагы адам жана коом маселеси иликтөөгө алынып, рынок шартында жашап жаткан эгемен журналист Арсен Саманчиндин, мурдагы опера ырчысы, азыр жеңил-желпи ырларды ырдоого өткөн Айдана Самарованын, олигарх, шоумен Эрташ Курчалдын, Бектурдун, айылда жакырчылыктан тажаган, акыры кылмыштуу ишке бел байлаган Ташафгандардын мүнөздөрү, адамдык сапаттары, түрдүү кырдаалдарда, конфликттерде психологиялык тереңдиктерде ачылып берилгендиги анализге алынды. Автор бул романында да Адамдыкты сактап калуунун философиясын жогорку көркөм-эстетикалык деңгээлде ачканы белгиленди.

Жыйынтыктап айтсак, чыгаан жазуучу Ч.Айтматов романдарында көкөй кескен коомдук маселелерди көркөм чагылдырып, учурдун күрөө тамырынын согушун кармай билип, ар кандай кырдаалдарды, курч конфликттерди мезгилдин духунда сүрөттөп, түрдүү адам мүнөздөрүн ишенимдүү жана психологиялуу ачып берүүгө жетишкен.

**Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөндөгү публикацияларында чагылдырылган:**


1. Келдибай кызы М. Ч.Айтматовдун «Кыямат» романындагы конфликт, мүнөз маселелери [Текст] / М.Келдибай кызы // Кыргыз тили жана адабияты. – 2008. - №13. – 143-147-бб.
2. Келдибай кызы М. Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романында нравалык маселелердин көркөм чагылдырылышы [Текст] / М.Келдибай кызы // БГУнун жарчысы. – 2008. - №4 (13). - 129-133-бб.
3. Келдибай кызы М. Ч.Айтматовдун «Чыңгызхандын ак булуту» повестинде бийлик жана жеке адам тагдыры проблемасынын көркөм иликтениши [Текст] / М.Келдибай кызы // Кыргыз тили жана адабияты. – 2009. - №15. -118-120-бб.
4. Келдибай кызы М. Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романы тууралуу ойлор, сын-пикирлер [Текст] / М.Келдибай кызы // Кыргыз тили жана адабияты. - 2010. - №17. – 120-122-бб.
5. Келдибай кызы М. Көркөм конфликттин ички табияты жөнүндө [Текст] / М.Келдибай кызы // БГУнун жарчысы. – 2011. - №1 (18). - 251-255-бб.
6. Келдибай кызы М. Ч.Айтматовдун «Тоолор кулаганда» романындагы адам жана коом маселеси [Текст] / М.Келдибай кызы // Кыргыз тили жана адабияты. - 2011. - №18. - 71-76-бб.
7. Келдибай кызы М. «Фудзиямада кадыр түн» драмасында Ч.Айтматовдун конфликт, мүнөз түзүү чеберчилиги [Текст] / М.Келдибай кызы // Кыргыз тили жана адабияты. – 2011. - №19. - 132-134-бб.
8. Келдибай кызы М. Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романындагы коомдук-философиялык конфликттердин бүгүнкү күн менен айкалышы [Текст] / М.Келдибай кызы // БГУ жарчысы. – 2011. - №3 (20). - 204-207-бб.
9. Келдибай кызы М. Ч.Айтматовдун Көркөм конфликт жана турмуштук конфликт: жалпылыгы, айырмачылыгы [Текст] / М.Келдибай кызы // БГУ жарчысы. – 2012. - №1 (21). - 293-297-бб.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**Келдибай кызы Майрамкандын «Чыңгыз Айтматовдун романдары: конфл[illegible] мүнөз маселелери» аттуу 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** конфликт, коллизия, кырдаал, мүнөз, драмалык конфликт, нрава-психологиялык конфликт, нрава-философиялык конфликт, типтүү конфликт, типтүү кырдаал, контраст, турмуштук конфликт, социалдык конфликт, сюжет, портрет.

**Изилдөөнүн максаты:** Диссертациялык иштин максаты буга чейин кыргыз адабият таануу илиминде жеткиликтүү деңгээлде изилденбей келген көркөм конфликт жана мүнөздүн теориялык жагын изилдөө жана конфликт, мүнөз маселеси Ч.Айтматовдун романдарында кандай чеберчиликте ишке ашкандыгын анализге алуу болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн обьектиси катары** көркөм адабияттагы конфликт жана мүнөз маселесине арналган илимий эмгектер жана Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романы жана «Чыңгызхандын ак булуту» романга повесть деген кошумчасы, «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда. («Кыз кайып») романдары, алар тууралуу сындар жана чыгармалары боюнча жазуучунун ар кайсы мезгилдерде берген интервьюлары, маектери, публицистикалары алынды.

**Изилдөө ыкмалары**: Адабий-теориялык, тарыхый-обзордук, тарыхый-типологиялык, адабий-аналитикалык методдор

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы**: Биринчи жолу кыргыз адабияттаануу илиминде көркөм конфликттин ички табияты, эстетикалык мааниси, алардын бүгүнкү күнгө чейинки изилдениш тарыхы жөнүндө кеңири кабар берилип, конфликт жана мүнөз категорияларына илимий-теориялык жактан тактоолор, толуктоолор киргизилди. Экинчиден, Ч.Айтматовдун романдарындагы конфликт, мүнөз малелелери диссертацияда биринчи жолу бул проблема колго алынып, Айтматовдун романдарындагы сюжеттин өнүгүшүндөгү конфликттин орду, анын көркөм-эстетикалык табияты классификацияланып, (романдарда чагылдырылган конфликттин мүнөзүнө жараша нрава-психологиялык, драмалык, типтүү, нрава-философиялык, социалдык конфликт деп бөлүп каралды) мүнөз ачуудагы жазуучунун чеберчилигине басым коюлуп, аталган романдар терең анализге алынды.

**Колдонуу чөйрөсү жана практикалык мааниси:** Адабияттын теориясын, кыргыз адабиятынын тарыхын, кыргыз прозасын, Ч.Айтматовдун романдарын окуп-үйрөнүүдө адабият жаатындагы изилдөөчүлөргө, аспиранттарга илимий изилдөө иштерине теориялык жактан көмөкчү материал болуп бере алат. Ошондой эле ЖОЖдордун, атайын орто окуу жайларынын студенттери, окутуучулары, мектептин мугалимдери, жогорку класстын окуучулары үчүн илимий-методикалык колдонмо катары пайдаланууга болот.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

# РЕЗЮМЕ

*диссертации Келдибай кызы Майрамкан «Романы Чингиза Айтматова: проблемы конфликта, характера», представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01 – кыргызская литература.*

*Ключевые слова:* коллизия, контраст, конфликт (драматический, жизненный, нравственно-психологический, нравственно-философский, социальный, типический), образ, обстоятельства, портрет, сюжет, характер.

*Материал исследования* – романное наследие Ч. Айтматова «И дольше века длится день», «Белое облако Чингисхана», «Плаха», «Тавро Кассандры», «Когда падают горы» («Вечная невеста»).

*Предмет исследования* – характерологическое содержание конфликта и средства его воплощения выдающимся художником слова, отражение этой проблемы в осознании философско-публицистического наследия писателя, в общем научно-критическом контексте современного айтматоведения,

*Цель исследования* состоит в определении типологической природы художественного конфликта у Ч. Айтматова как одной из основ изображения человеческого характера, в установлении критериев своеобразия творческого решения этой задачи в романной прозе писателя.

*Методология исследования* основывается на системно-типологическом подходе к художественному тексту как целостному единству, на задаче в русле современного литературоведения теоретической характеристики стилевых исканий одного из выдающихся новаторов в прозе XX века, основы которой заложены в трудах специалистов-айтматоведов.

*Научная новизна исследования:* впервые в контексте отечественного литературоведения поставлена проблема теоретического освещения внутренней характерообразующей природы художественного конфликта; впервые предпринята попытка конкретного анализа соответствующих сторон романной прозы писателя; впервые начато изучение исторического аспекта проблемы и внесены определенные уточнения и дополнения в содержание категорий конфликта и характера; впервые предпринята подробная классификация типов художественного конфликта в их содержательной мотивированности характерами героев.

Этими обстоятельствами определяется *теоретическая значимость исследования*, результаты которого могут служить материалом для развития исследований в сфере поэтики конфликта и характера современной прозы.

*Практическая сфера применения научных результатов* – гуманитарное (филологическое) университетское образование, в первую очередь научно-методические материалы курсов по изучению теории и истории кыргызской литературы и национальных литератур Евразии, а также процессы изучения отечественной литературы и культурной истории в средней школе.

## Resume

**Keldibai kyzy Mairamkan**

**«The novels of Chyngyz Aitmatov: conflicts and character problems»**

**The dissertation work on the competing of scientific degree philological science. Speciality: 10.01.01 - Kyrgyz literature**

**Key words**: *conflict, collision, circumstances, character, dramatic conflict, moral-psychological conflict, moral-philosophical conflict, typical conflict, typical circumstances, contrast, vital conflict, social conflict, plot, portrait*.

**The aim of the work** is analyzing and finding the ways of solving fiction conflicts, problems of characters in Ch.Aitmatov`s novels. Some theoretical parts haven`t been investigated yet in Kyrgyz literature.

**The object of the work**: Scientific works about conflicts in Kyrgyz literature, fiction conflicts, problems of characters in Ch.Aitmatov`s novels: “ The day Lasts more Than a Hundred years”, “The Scaffold”, “Cassandra`s Brand”, “When the Mountains Fall” (“Eternal Bride”), “The white clouds of Chingizhan”, literary critics and interviews, dialogues and publications written by the author.

**The methods of the work**: literary – theoretical, historical - survey, historical – typological, literary – analytics.

**The scientific novelty of the work**: It is the first scientific work in Kyrgyz literature which studies internal nature of fictional conflict, aesthetic significance, were defined its history of researching, additional explanation of conflict and character categories. Secondly, there wasn`t conception research about characters and conflicts in Ch. Aitmatov`s novels. So this work is the first research in this area. In this work have been done: the role of conflicts in plot, its fiction, and aesthetic nature was classified (according to the conflicts in the novels, they were classified to: moral – psychological, dramatic, typical, moral – philosophy, social conflict).

**Practical significance.** The result of the work can be used in theoretical courses “Kyrgyz literature”, workshops and special courses.